Теңгиз Бөлтүрүк жаңы жылды абактан тосмой болду

4-БЕТТЕ

Тимур САРАЛАЕВ:

“Жапаров деле чек араны кийинкиге калтырып, президенттик мөөнөтүн жыргап өткөрсө болмок”

7-БЕТТЕ

Турсункан ДОСУЕВА:

“Атабыздын эки чемодан ырын өрттөп салган”

16-БЕТТЕ

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

Эркин-Тоо

WWW.ERKIN-TOO.KG | Шейшемби, 2022-жылдын 15-ноябры | №99 (3434)

Энергетика

ЖАРЫГЫБЫЗ СУУККА КӨЗ КАРАНДЫБЫ?

Кыргызстанга кыш келбесе эле өлкөнүн энергетика тармагында маселе жаралбай калат беле дейм да. Анткени, жыл сайын күз-кыш мезгилинде энергоресурстарга бай мамлекетибизде электр энергиясынын көйгөйү жаралат. Энергетика министри Таалайбек Ибраев парламенттин трибунасынан, “Көмүр келбесе, анда баары суукка көз каранды. Эгер суук болсо, анда чектөө киргизебиз” деп, өзүнө ишенип-ишенбей жооп узатканына деле таң калбай туралы. Себеби, алысты болжогон энергетикалык программанын жоктугунанбы, же чабалдыгыбы, айтор, качан көрсөң ушул маселе кырынан турганы турган. Кыскасы суук эле болбосо, өчүрүүлөр болбой жыргап жашай бермекпиз деген таризде жоопту уккандан жадабай калдык.

Буга чейин “Бишкек жылуулук борборуна Кара-Кеченин көмүрүн жагабыз, миллиондогон сом үнөмдөйбүз” дешкендер болгон. Бирок, жаңы министрдин келиши менен кыска мөөнөттө Казакстандан тендерсиз 400 миң тонна көмүр сатып алуу зарылчылыгын белгилеген. Анысы деле туурадыр. Бирок, кылычын алып кирип келген кыш эч кимди күтпөйт экен да. Азырынча канча көмүр ташылып келди, так маалымат жок. Андан калса, кечээ жакында эле аймактардагы, баш калаабыздагы күтүүсүз өчүрүүлөр тууралуу ыкчам маалымат берген эч ким болбоду. "Улуттук энергетикалык холдинг компаниясы" ишканасынан, “түйүнгө күч келгендиктен жана авария тобокелдиктеринен улам электр энергиясы автоматтык түрдө өчүп калып жатат” деп кеч болсо деп түшүндүрмө берди.

Анан дагы күз-кыш жылытуу мезгилинин соңунда Бишкектин ЖЭБди борбор калаанын мэриясына берүү пландалып жатканын Энергетика министри Таалайбек Ибраев Жогорку Кеңештин жыйынында билдирди. Шаардыктарды жылуулук жана электр энергиясы менен камсыздоого жыл сайын кошумча 5,5 миллиард сом чыгашага шаардык бюджет туруштук бере алабы? Бул дагы маселе жаратпайбы? Энергетика министри Таалайбек Ибраев мырзанын алысты болжогон энергетикалык саясатын азырынча түшүнүү кыйын. Министрлер Кабинети күз-кыш мезгилине карата тиешелүү каражатты бөлүп, электр энергиясы менен камсыз кылуу маселесинин алдын алып жаткан шартта министрдин ишенимсиз аракети министрликтин аброюна көлөкө түшүрүп жаткан жокпу?

Шекербек КАЛЫКОВ

Алмамбет МАТУБРАИМОВ:

"КЕМПИР-АБАД ЭМНЕ ЭКЕНИН БИЛБЕЙ ЭЛЕ КЫЙКЫРЫП ЖАТЫШАТ"

3-БЕТТЕ

АСМАН ТИРЕГЕН ИМАРАТ КУРУЛАТ

Баш калаабыз Бишкекте алгачкы 27 кабаттан турган асман тиреген имараттын курулушу башталганын Royal Construction компаниясынын коммерциялык директору Бектур Садыров билдирди.

Бул турак жай комплексинин биринчи үч кабатында коммерциялык жайлар жайгашса, калган кабаттарында эки кабаттуу (дуплекс) жана кадимкидей батирлерди сунуш кылышат экен. Заманбап имараттын ылдам лифти секундасына 2,5 метрге жылса, бир кабатты 1,5 секундда басып өтөт дешет. Дагы бир өзгөчөлүгү, полдон шыпка чейин панорамалык терезелер, фасадынын 70%ы айнек менен кооздолуп, имараттын чатырында медициналык авиация үчүн тик учак коно ала турган аянчасы болот экен.

Замандын талабына жооп бере турган, жаңы курулуш нормалары жана эрежелери менен курулуп жаткан имарат 2026-жылы ишке берилет.

"Эркин-Тоо"

гезитине жазылууну эстен чыгарбаңыз!

2023-жылдын I жарым жылдыгына жазылуу баасы:

Гезитке жазылуу баасы почта кызматын кошкондо 6 айга:

которуу жолу менен – 1373 сом 52 тыйын;

накталай төлөө жолу менен – 1398 сом 00 тыйын.

КРнын Нормативдик акты журналына жазылуу баасы 6 айга:

Которуу жолу менен – 1536 сом 00 тыйын

Накталай төлөө жолу менен – 1563 сом 43 тыйын.

Жазылуу бардык почта түйүндөрүндө жүргүзүлүп жатат.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

Иш жума

КЫРГЫЗСТАН ТҮРК ДҮЙНӨСҮНҮН АЖЫРАГЫС БИР БӨЛҮГҮ

ВЕНГРИЯ ИНВЕСТИЦИЯ САЛУУГА КЫЗЫКДАР

Өзбекстан Республикасына иш сапары менен барган Президент Садыр Жапаров Самарканд шаарында Венгриянын Премьер-министри Виктор Орбан менен жолугушту.

Анда кыргыз-венгер эки тараптуу кызматташтыгынын актуалдуу багыттары талкууланып, Президент Садыр Жапаров Венгрия-Кыргыз Өнүктүрүү фондунун алкагындагы жалпы суммасы 24 млн АКШ долларын түзгөн конкреттүү инвестициялык долбоорлорду ишке ашырууга көңүл бурду. Эки өлкөнүн ортосундагы соода мамилелеринде мүмкүнчүлүк кыйла жогору болгондугуна карабастан, толук көлөмдө пайдаланылбай жатканын кошумчалады. Андан сырткары кыргызстандык студенттердин Будапештте билим алуусуна шарт түзүп бергендиги үчүн ыраазычылыгын айтты.

Өз кезегинде Виктор Орбан венгер тарап Кыргызстанга инвестиция салууга кызыкдар экенин, Президент Садыр Жапаровдун жетекчилиги астында Кыргызстандын социалдык-экономикалык өнүгүүсүндө оң натыйжаларды көрүп жатканын канааттануу менен белгиледи.

САММИТТИН КАТЫШУУЧУЛАРЫНА СЫЙ ТАМАК

Президент Садыр Жапаров 10-ноябрда "Түбөлүк шаар" комплексинде Түрк мамлекеттеринин уюмунун (ТМУ) катышуучу мамлекеттеринин башчыларынын Саммитинин тогузунчу жыйынына катышуу үчүн Самарканд шаарына келген мамлекет башчылары менен бирге сый тамакка катышты. Жогорку даражалуу меймандар үчүн Өзбекстан Республикасынын Президентинин атынан расмий кече өттү. Анда түрк элдеринин маданий ар түрдүүлүгүнө арналган концерт болду.

ТҮРК ЦИВИЛИЗАЦИЯСЫНЫН ЖАҢЫ ДООРУ

Мамлекет башчысы Садыр Жапаров Түрк мамлекеттер уюмуна катышуучу-өлкөлөрдүн лидерлеринин Саммитинин тогузунчу жыйынында сөз сүйлөп, бул иш-чаранын алкагында Самарканд шаары "Түрк дүйнөсүнүн цивилизациясынын борбору" деп жарыяланышы менен өзбек элин жалпы кыргыз элинин атынан куттуктады.

Ошону менен бирге Түрк мамлекеттер уюмунун Башкы катчысы кызматына Кубанычбек Өмүралиевдин талапкерлигин колдогондуктары үчүн ыраазычылык билдирди.

"Саммиттин темасы "Түрк цивилизациясынын жаңы доору — жалпы өнүгүү жана өркүндөөгө карай бирге" деп аталат. Соңку эки-үч жылда жер жүзүндө эл аралык маанидеги ар түрдүү чакырыктар пайда болду. Учурда дүйнөдөгү туруксуз кырдаал менен катар, аймактык коопсуздук маселелери алдыңкы планга чыгууда" - деген Садыр Жапаров өз ара кызматташууну күчөтүүнү талап кылаарын айтты.

Дүйнө жүзү коронавирус пандемиясынын терс таасиринен али толук чыга элек. Учурдагы кризис шартында соода алакаларын кеңейтүү үчүн дагы тыгыз кызматташуу зарылдыгы күн тартибинде турат. Кыргызстан менен Түрк мамлекеттер уюмунун өлкөлөрүнүн ортосундагы сооданын көлөмү былтыркы жылы 40 пайызга өскөн. Садыр Жапаров соода-экономикалык кызматташтыкты мындан ары өнүктүрүү үчүн транспорт маселеси дагы чоң мааниге ээ экендигин белгилеп өттү. Ошондой эле Түрк мамлекеттери уюмунун Инвестициялык фондун түзүү демилгесин колдоорун, "Тоолорду туруктуу өнүктүрүү" резолюциясынын долбоорун алдыга жылдырууда, анын алкагында биз 2023-2027-жылдарды "Тоолуу аймактарды өнүктүрүү боюнча беш жылдык аракеттер" жылдары деп жарыялоо демилгесин көтөрүп жаткандыгын айтты.

Ушул жылдын май айында БУУнун Нью-Йорктогу штаб-квартирасында сунуш кылынган Беш жылдык пландын концепциясын колдоону эскертип, бүгүн айтылган бардык демилгелер келечекте ишке ашырылат деген ишенимин билдирди. Саммиттин тогузунчу жыйынынын жыйынтыгында бир катар документтерге кол коюлду.

АЛИШЕР НАВОИ АТЫНДАГЫ ЭЛ АРАЛЫК СЫЙЛЫГЫ–ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВГО

Саммиттин тогузунчу жыйынынын алкагында Алишер Навои атындагы «Түрк дүйнөсүнүн биримдигине кошкон салымы үчүн» эл аралык сыйлыгы Чыңгыз Айтматовго көзү өтүп кеткенден кийин ыйгарылды. Аталган сыйлыкты ыйгаруу ТМУга катышуучу-өлкөлөрдүн Мамлекет башчыларынын чечими менен кабыл алынган. Сыйлыкты Өзбекстандын Президенти Шавкат Мирзиёев Мамлекет башчысы Садыр Жапаровго тапшырды. Садыр Жапаров өзбек элине түрк адабиятынын жана дүйнөлүк адабияттын, жалпы эле маданияттын өнүгүшүнө кошкон эбегейсиз зор салымын эске алуу менен көрүнүктүү жазуучу Чыңгыз Айтматовду кадыр-барктуу сыйлыкка көрсөткөндүгү үчүн терең ыраазычылык билдирип, улуу жазуучунун чыгармачылыгы — көөнөрбөс мурас жана жалпы дөөлөт экенин өзгөчө белгиледи.

ЛИДЕРЛЕР КӨЧӨТ ОТУРГУЗДУ

Президент Садыр Жапаров Саммиттин тогузунчу жыйынына катышуу үчүн келген мамлекет жана делегация башчылары менен биргеликте "Регистан" аянтына көчөттөрдү отургузуу иш-чарасына катышты. Бул иш-чара Президент Шавкат Мирзиёевдин демилгеси менен ишке ашырылып жаткан «Яшил макон» жалпы улуттук долбоорунун алкагында өттү.

СЫЙЛЫГЫН КУТТУКТАП, САЛЫМЫН БЕЛГИЛЕДИ

Өлкө башчысы Садыр Жапаров Саммиттин алкагында Түркмөнстандын Халк Маслахаты Милли Генгешинин Төрагасы Гурбангулы Бердымухамедов менен жолугушту.

Садыр Жапаров Гурбангулы Бердымухамедовго ыйгарылган «Түрк дүйнөсүнүн жогорку ордени» сыйлыгы менен куттуктап, ТМУнун эл аралык кадыр-баркын көтөрүүгө кошкон жеке салымын белгилеп өттү.

Жолугушкан тараптар активдүү темп менен өнүгүшү керек болгон тармактарда кызматташтыкты мындан ары тереңдетүүнү макулдашышты.

БАШКЫ КАТЧЫНЫ КАБЫЛ АЛДЫ

Ишемби күнү Президент Садыр Жапаров Түрк мамлекеттер уюмунун (ТМУ) Башкы катчысы Кубанычбек Өмүралиевди кабыл алды.

Кубанычбек Өмүралиевди Түрк мамлекеттер уюмунун (ТМУ) Башкы катчысы болуп дайындалышы менен куттуктаган Садыр Жапаров, түрк тилдүү мамлекеттердин саясий-экономикалык жана маданий-гуманитардык байланыштарын тереңдетүүнүн маанилүүлүгүн белгиледи.

«АК-ОРДОДОГУ» БИЛИМ УЯСЫ

Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Эдил Байсалов жана Бишкек шаарынын мэри Эмилбек Абдыкадыров Бишкек шаарынын «Ак-Ордо» жаңы конушундагы №102 орто мектептин ачылыш аземине катышты.

Борборубуздагы мектептердин жетишсиздигин белгилеген Эдил Байсалов: «Президенттин тапшырмасы менен Бишкек шаарында 15 мектептин курулушу башталган. Бүгүнкү күндө 15 мектептин 13үү окуучуларга өз эшигин ачты. Бул чоң жетишкендик", - деди Эдил Байсалов.

Бул үч кабаттуу мектептин имараты 750 окуучуга ылайыкталган. Анда окуу класстары, мугалимдер бөлмөсү, ашкана, жыйындар залы жана спорт залы каралган.

САМБО БОЮНЧА ДҮЙНӨ ЧЕМПИОНАТЫ

Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Эдил Байсалов Бишкек шаарында өтүп жаткан чоңдор арасындагы Самбо боюнча дүйнө чемпионатынын ачылыш аземине катышты.

Мелдешке дүйнөнүн 50дөн ашык өлкөсүнөн 500гө жакын спортчу катышат.

Эдил Байсалов белгилегендей, самбо күрөштүн абдан кызыктуу жана динамикалуу өнүгүп жаткан түрү болуп саналат. Бул боюнча дүйнөлүк турнир биздин өлкөдө алгач ирет өтүп жатат. "Мындай иш-чаралар жарандар арасында дене тарбия жана спортту өнүктүрүү жана жайылтуу иретинде маанилүү экендигине ишенем. Дүйнө чемпионатынын жалпы катышуучуларына мелдештерде жогорку натыйжаларга жетишүүсүн каалайм. Мыктылар жеңишке жетсин», - деди ал.

Даярдаган
Жылдыз ДЫЙКАНОВА

Өткөндүн жаңырыгы

Жогорку Кеңештин мурдагы Төрагасы Алмамбет МАТУБРАИМОВ:

“КЫРГЫЗ ЖАШТАРЫНА ЖЕР БЕРҮҮ ДҮЙНӨДӨ ЖОК ПРЕЦЕДЕНТ БОЛГОН”

“Эркин-Тоо” гезити эгемендиктин карлыгачы катары мамлекетибиз көз карандысыздыгын дүйнөгө жар салардын алдында жарыкка чыккан. Мына ошондон бери эгемен мамлекетибиз менен тагдырлаш болуп, басма сөз каражаты катары жаңы тарыхыбыздын летописи жазылууда. Ушул 30 жылдык кыска тарыхыбызда айтылган же айтылбаган, архивде калган же калбаган ар кандай жагдайлар болушу мүмкүн. Биз мына ушундай актай калган барактарыбызга толуктоо болор деген ниетте эгемен мамлекетибиздин каармандарын кепке тартсак деп турабыз. Белгилүү мамлекеттик ишмер Алмамбет Матубраимов эгемен мамлекетибиздин башатында өтө жооптуу кызматтарды аркалап жүргөн инсан. Аны иштесе ишинин көркүн чыгарган, бирок кызматка жармашпаган, өз принциби бар өмүрү өрнөк адам катары билебиз. Учурунда чоң кызматтарды аркаласа да артынан жаман сөз ээрчибеген саналуу адамдардын бири. Ал эгемен мамлекетибиздин башатында туруп мамлекетибиз үчүн тагдыр чеччү чечимдерди кабыл алууга түздөн-түз катышып, анын чок ортосунда жүргөн кыргыз саясатында өзүнүн салмактуу орду бар белгилүү мамлекеттик ишмер.

- Алмамбет Матубраимович, эгемен мамлекетибиздин алгачкы жылдарында чоң саясатта экинин бири болгон адамдардын бирисиз. Ошол кезде биз өз киндигибизди өзүбүз кесип дегендей тагдыр чеччү чечимдер кабыл алынды, ага түздөн-түз катыштыңыз. Айтыңызчы, ошол кабыл алынган чечимдердин ичинен сиз үчүн эң кыйыны же эң маанилүүсү кайсы болду?

- Эң кыйыны жана маанилүүсү улуттук валютабызды киргизгенибиз болду. Сом киргенден кийин шериктеш мамлекеттер менен мамилеалакаларды түзүү оңой болгон жок. Биздин Тышкы иштер министрлиги жаңыдан калыптанып жакшы иштей элек эле. Кадрдык дипломаттар жок болуп, дипломатиябыз аксап турган. Кантип алсыз болуп турган Кыргызстан шериктеш мамлекеттердин арасынан биринчи болуп улуттук валютасын киргизип алат деген мамиле жасалды. Биз эртеби-кечпи баары бир улуттук валюта кирерин билгенбиз. Союз таркап, баягы байланыштар үзүлүп, бири-бирине жардам жок болгондон кийин ар ким өз экономикасын жолго салышы керек эле. Эң оор маселе ушул болгон. Экинчиден, дагы бир орчунду жагдай СССР тарагандан кийин бардык мурдагы партиянын 1-секретарлары ордунда калып, башкаруу системасы мурункудай эле калган. Бир гана бизде демократия деп окумуштуу адам бийликке келди. Республикабызда партиялык системанын атка минерлери менен жаңы демократтар ортосунда көп маселелерде талаш-тартыш болгон. Улуттук валюта жаңы киргенде 4 сом 1долларга тең болуп кирген. Бул көрсөткүч төрт эседен ашпаш керек болчу. Ашып кетсе инфилятивдик башкаруудан чыгып кетет деген Дүйнөлүк банктын талабы бар эле. Эгемен жаш мамлекеттин кредиттик-бюджеттик каржылоо системасын түзүү кыйын болду. Пенсия 5-6 сом болгон. Оор шартка карабай 12 сомго көтөрүп колдогонбуз. Ал кезде бир күндө 30га чейин токтом-чечимдер кабыл алынып турган. Себеби, эски мыйзамдар туура келбей, жаңы мыйзамдар жок болуп укуктук жактан кыйынчылык жаралган.

- Капилет эле биз улуттук валютабызды биринчи киргизип алдык. Буга кошуналар тараптан кандай реакция болду?

- Кантип кичинекей мамлекет өздөрүнүн валютасын киргизет деп кошуна мамлекеттер темир жолду, автожолдорду жаап өткөрбөй, самолёттор учпай калган. Москва дагы рубль зонасынан чыгып кеттиңер деп берип аткан кредиттерди, авиакаттамдарды токтотконго чейин барган. Биз шериктеш өлкөлөргө доллар менен төлөмдөрдү жүргүзөлү десек швейцар франкы менен төлөгүлө деген учур да болгон. Улуттук валютабызды киргизерден мурун биз күндөлүк керектелчү азык-түлүктүн 6 айлык корун камдап алганбыз. Анткени сомду киргизгенден кийин жарым жылга эл керектөөчү товарлардын тартыштыгы болот деген эсебибиз бар болчу. Бирок күндөлүк керектелчү товарлар бир топ мезгилге чейин тартыштыкта болду. Улуттук валютаны киргизүүдө Дүйнөлүк банк менен купуя сыр болгон. Аталган банк союздук мамлекеттердин таркашынан пайдаланып, рублге кысым катары бир мамлекетти өзүнө тартып, улуттук валютаны киргизүү боюнча каражат бөлгөн. Башкача айтканда Дүйнөлүк банктын максаты эксперимент катары биздин республиканын аймагынан рублди сүрүп чыгаруу болгон.

- Тыштан таасир болгон экен да?

- Таасир болот. Ошентсе да бул нерсе ошол кезде Кыргызстандагы жакшы өнөктүктүн башталышы болгон. Биз өзүбүздүн улуттук валютабызды киргизип, шериктеш мамлекеттерге жол салып бердик.

- Ошентсе да ал учурда бул чоң тобокелчилик эле да? Тунгуч Президент Аскар Акаевдин бул чечимге барышы жеңил болбосо керек?

- Негизи окумуштуу адамдар алдыга жылган, коомду, прогрессти алдыга сүйрөгөн сапатка ээ болушат. Локомотив десек болот. АКШ СССРди кулатышы керек болуп, кулатты. Анын ичинен дагы ыдыратып улуттук валютаны киргизип, бирдиктүү рубль аймагын жок кылууга да киришкен. Бизге ошол жагы да түрткү берип кетти. Бул жагынан кыйналсак да абалдан чыгып кеттик.

- Алгачкы кыргыздын улуттук валютасын кайдан басып чыгардыңыздар? Эсиңизде болсо канча каражат кетти ага?

- Биринчи улуттук валютабызды Англиядан басып чыгардык. Каражаты бизге берген гранттын эсебинен болду. Бирок ошол кезде эле мүмкүнчүлүктөрүбүздү түзүп, туруктуу түрдө валютабызды өзүбүз чыгарылы деген маселени көтөргөм. Негизи чоңбу же кичинеби көп мамлекеттер баалуу кагаздарын, улуттук валютасын өздөрү эле басып чыгарышат. Биз азыркыга чейин мамлекеттик баалуу документтерди чыгара албай отурабыз. Жыл сайын тендерге берген акчанын ордуна кредитке алсак деле деле бүтмөк. Бул багытта бизге гранттык-кредиттик акчаларды сунуш кылган учурлар болгон. Бирок эмнегедир чечилбей калган.

- Рублдерди пайдалануудан чыгарып, эмне кылдыңыздар?

- Москвага жөнөткөнбүз. Анчамынчасы башка жакка кетип калды деген аңыз сөздөр да болуп жүрөт.

- Ошол 90-жылдары борборубуздан жарандарга жер тилкелери бөлүнүп берилген. Мындай чечим бийликке коомдун, жаштардын кысымынан улам кабыл алынганбы?

- Бишкек шаарынан жер, батир алуу титулдук эл үчүн өтө кыйын болгонун улуу муун билет. Шаарга катталууга туруунун өзү өтө кыйын болгон. Катталгандан кийин 5 жыл болгондо гана үйгө кезекке турганга укук берилчү. Биз СССРде эмес, дүйнөдө биринчи болуп Бишкекте 3 жыл жашагандарга жер берүү чечимин кабыл алганбыз. Кыргыз жаштарына үй салуу үчүн жер берүү дүйнө жүзүндө болбогон прецедент болгон. Борбор шаарыбызда ошол кезде жаңылбасам кыргыздар 16-17%ды эле түзчү. Борбордо титулдук кыргыз элин көбөйтүү боюнча 1990-жылы чечим кабыл алынган. Ага ылайык улуттук валюта кирген 1993-жылга чейин үй куруучуларга жеңилдетилген кредит бергенбиз. Бирок бул саясий демаршка айланып, ар кандай коомдор түзүлүп, тигил же бул жер тилкесин бересиңер деген талап күчөп, миңдеген гектар жер берилсе да жетишсиз болду. Ошол кезде борбор шаарда улутуна карабай үйгө кезекке тургандар 30 миңдей болгон. Бул маселе азыркыга чейин чечиле элек десе болот.

- Сиз Аскар Акаев менен иштешип калдыңыз, анын ишине кандай баа берет элеңиз, жетекчи, лидер катары кандай эле?

- Аскар Акаев Кыргызстан деген жаш мамлекетти дүйнө жүзүнө таанытып кетти. Сомду киргизип, рынок жолуна салды. Биздин жаш республиканы демократияга кадам койгон мамлекет катары тандашып, эксперименталдык түрдө улуттук валютаны киргизүү бизге туш келип, Кыргызстан улуттук валютаны кабыл алууну баштап берди. Дүйнөлүк соода уюмуна биринчи болуп кирдик. Өткөндүн баарын эле жаман дей берген болбойт. Курманбек Бакиевдин учурунда биринчи жолу бюджетте профицит болду, 600 сомдук минималдык пенсияны 2 миң сомго чейин көтөрдү. Мугалимдердин айлык акысын 4 миңден 8 миңге, дарыгерлердикин 6 миңден 10 миңге чейин көтөрдү. Атамбаев көчмөндөр оюнун дүйнөгө дүңгүрөтүп таанытты. Алтай цивилизациясы деп бул жерге бүт боордош түрк тилинде сүйлөгөн элдерге кыргызды ата кылды. Буряты менен якуту да түбүбүз кыргыз деген алып келди. Албетте, кемчиликтер сөзсүз болот. Эл өз баасын берди, калганын тарых тастыктайт. Кемчиликтерди эске алуу менен алдыга жылуу керек.

- “Кумтөр” боюнча биринчи келишимди түзүүгө сиз түздөн-түз катышкансыз. Алгачкы жолу келишимде биздин үлүшүбүз 75,4% менен түзүлгөн экен. Ушул боюнча айтып берсеңиз, кандайча болду?

- 1994-жылы биринчи вице-премьер-министр катары “Кумтөр” боюнча комиссиянын төрагасы болгом. Негизи бул иш 1993-жылы башталган.

Бизде өтө чоң талаш-тартыштар болгон. Мен сөзсүз түрдө контролдук пакет бизде болушу керек деген позицияда болдум. Чынын айтканда 67%дан кем эмес үлүшүбүз болуш керек болчу. Ошондо 3төн 2си биздики болуп, көзөмөл бизде болмок. Сүйлөшүүлөр башталганда эле 85%дан баштап, түшүп отуруп 75,4%га макул болгонбуз. Мындагы эң чоң маселе - биз биргелешкен ишкана түзгөнбүз. Муну катышкандар тастыктайт. “Камеко” менен “Кумтөркыргызалтын” ишканасын түзүп, Давлетов дегенди башкы директор койгонбуз. Куруу кезинде да, эксплуатация кезинде да сөзсүз түрдө жетекчиси кыргыздын жараны болгон. Ошол кезде мени Эл аралык валюта фондуна каражат алып келүү үчүн жиберди. Адатта валюталык каржылоо 1-апрелден башталат, мени 11-майда маселени чечип келүү үчүн жөнөтүштү. Ал жактан бир ай дегенде келдим. Уктабаган түндөр өттү. Анткени Париж клубунда кредит маселеси каралмак. “Кумтөрдү” башташ керек болчу. Жылдык үстөк пайызы 0,25 жана 10 жылдык жеңилдик шарты менен 40 жылга 1 млрд доллар өлчөмүндө кредиттик жана гранттык чечим болуп, абалдан чыкканбыз. Акаевге кирип кайра-кайра талашып-тартышып отуруп ынандырып, ошол келишимге кол коюлган. Келишимде үлүш маселеси эле эмес, башка маселелер - мөңгүлөргө мүмкүн болушунча аз зыян келтирүү, ишканада 85% кыргыздар иштөөсү, тамак-аш жана башка керектелчү товарларды ушул жерден сатып алуу шарттары бүт бар болчу. Биринчи алтын өндүрүлгөндөн баштап мөңгүлөргө зыян келтирбөө үчүн жер алдында казуу шарты коюлган. Азыр андагы келишим архивде жок экен. Мен таппай койдум.

Андан кийин кенди каржылоо башталганга чейин мен ЖКнын Эл өкүлдөр жыйынына депутат болуп, андан соң Төрага болуп калдым. Кийинки келишимдерде үлүшүбүз 66,6% болуп калганы күлкү келерлик нерсе болду. 3төн 2си же 66,7% болгондо контролдук пакет бизде калып, көзөмөл бизде болмок. Алар 0,1 пайызга биздикин кемитип, Кыргызстандын көзөмөлүнөн чыгып кеткен. Бул атайын көз боёмочулук, алдоо десем болот. Акционердик коомдор жөнүндө мыйзамда 3төн 2си деп көрсөтүлгөн. Биздики 66,6% болуп 0,1% жетпей калган. Бул 95-жылдар эле. Менин принцибим боюнча башка бийликтин бутагы болгондон кийин аткаруу бийлигине кийлигишүү туура эмес болуп калмак.

- Жогорку Кеңеште Төрага болуп туруп капыстан эле кызматтан кетип калдыңыз. Ага эмне себеп болду?

- Шайлоо башталганда “шайтан оюндар” башталат. Конституцияга ылайык Президент Аскар Акаев эки мөөнөткө гана шайлана алмак. 2000-жылы башка киши шайланышы керек эле. Ошондуктан лидерлик сапаты бар инсандарды нейтралдаштырчу. Бул өнөкөт СССР кезинен бери эле башка мамлекеттерде деле азыркыга чейин колдонулуп келет. Ошондо ротация дегенди ойлоп таап мени алмаштыруу айласын табышты. Иш жүрбөй эле саясий жүрүштөр менен алек болгонсуп калды. Ошондуктан өзүм силерде конституциялык чечим болгон жок, мен Кыргызстан алдыга кетүүсү үчүн көпчүлүккө баш ийем, көпчүлүк менен чечиңер деп айтып, спикерликти тапшырып, депутаттык мандатымды сактап калгам. 4 жолу добушка коюлуп, акыркысында 70 депутаттын 37си колдоп добуш берди. Конституция боюнча азыр да 3төн 2си менен Төрага кызматтан кетет. Конституциялык сот бирөөнүн каш-кабагына карап чечим кабыл албай мыйзамды так сакташы керек болчу. Мыйзам кабыл алынгандан кийин ал туурабы же туура эмеспи кынтыксыз аткарылышы керек. Тилекке каршы, Конституциялык сот чечимди мыйзамдаштырды. Бирок оор мезгилде карама-каршылык, тирешүү жаратуунун кереги жок болчу. Эң негизги бир кишинин келечеги же бир кишинин бактысы үчүн эмес мамлекет үчүн иштөөбүз керек. Тилекке каршы, кыргыздардын бирин-бири көрө албастыгы, регионалдык, уруучулук сыяктуу жаман адаттары жеңип кетип жатат.

- Бүгүн Кемпир-Абад маселеси курч турат. Сиз ошол тараптык катары бул боюнча оюңуз кандай?

- Кемпир-Абад боюнча айтсам, ошол жерди бир көрбөй туруп кыйкыргандар болуп жатат. Тарыхый бир мүмкүнчүлүк түзүлүп, келишимге келип жатабыз. Азыр бизге өтүп жаткан жерлердин көпчүлүгү де-юре биздики, де-факто Өзбекстандыкы болуп, зым тосуп алышкан. Талаш болуп тургандан кийин аны чечиш керек.

Чынын айтканда ошол жердеги чек аралар боюнча буга чейинки жетекчилер күнөөлүү. Чек ара айылдарыбыз бири ак, бири кара шахматтык тактадай аралаш жайгашкан. Илгери колхоз-совхоздун жетекчилери деле кошуналарга бул жер керек десе берип коё берген. 1997-жылы чек араларды тактай баштадык. Көп жерлер талаш жаратты. Алматы декларациясы боюнча калыш керек эле, тилекке каршы колдонбой жатабыз. Тажиктер 1924-жылкы документ дейт. А 1924-жылы тажик деген болгон эмес, Өзбекстандын курамындагы автономиялуу облус болгон. Калктын саны өсүп жатат. Жер тартыш. Жер жаралбайт, адам жаралып жатабыз. Суу сактагыч үчүн 4485 гектар жер мен билген маалымат боюнча 1996-жылы Кыргызстанга Өзбекстандын аймагынан бөлүнүп берилген. Кадамжай, Ноокен, Сузак, Кара-Суу райондору алган.

- Анда биз суу сактагычка берилген жер үчүн кошуналар менен эсептешкен болобузбу?

- Ооба, эсептешкенбиз. Бир гана нерсе суу агып кирип жатканда агындылар суу сактагычка толуп калат. Айылдыксыз, билесиз бир жолу суугарсаңыз агындылар кирет. А суу сактагычка 70 жылдан бери агындылар агып жатат. Суу киргенде көлөмү көтөрүлүп плотинаны тээп жатат. Ошондуктан горизонтту 908ден 900гө түшүрдүк деп жатышат. Демек, суунун деңгээли 8 метрге ылдый түшөт. Эми суу канчалык кирсе дагы 900дөн көтөрүлбөйт. Союз таркагандан бери эле плотинага бизди өткөрбөй, ээлеп алышкан. Эми плотинаны биргелешип башкаралы деп жатышат, ал үчүн атайын ишкана түзүлөт экен. Мамлекеттик көз караш менен карашыбыз керек. Кемпир-Абад эмне экенин билбей эле кыйкырып жатышат. Өзгөндүкмүн, Президент Өзгөнгө барганда мен да бардым. Президент каалоочулардын баарын залга киргизип түшүндүрүп отурду. Кээ бирлер кирбей коюшту. Мен да чыгып киргиле деп чакырдым, болушкан жок. Бул маселе ызы-чуу менен эмес, дипломатия менен гана чечилиши керек.

- Анда азыркы келишим туура чечим экен да?

- Азыркы келишимдин шарты жакшы. Андан тышкары бизге 19 миң га жер карайт экен деп жатышат. Мурда суу басып турчу жерден 1270 гектар бошойт экен. Өзгөндөн Сузакка ашып баратган жерде дөң бар. Ошол жерден да 1200 га жер берет экен. Мен жашыруун документтерди көргөн жокмун, ошон үчүн толук айта албаймын. Бирок келишимдеги жанагы бизге бере турган 19 миң гектар жерлерде зым тартылып, көп жерлер де-юре биздики, де-факто алардыкы. Мына Кербенде аэропорт иштебей турат. Ала-Букада да биз өтө албай турган жерлер бар. Мен ал жерлерди билбейм, бирок Ала-Бука, Кара-Сууда жерлер биздики болот деп эл сүйүнүп жатат. Эгер чындап эле ушундай болсо анда биз мындай компромиске барышыбыз керек. Канчалык чек араны тезирээк чечсек, ошончолук тезирээк стабилдүүлүк болот. Тирешип тура бергенден пайда жок. Биз чечпей кийинки муунга өтүп кетсе эч нерсесин түшүнбөгөндөр келип, дагы чыр күчөшү мүмкүн.

- Демек, жанагы айрымдар өзүбүздүн жерлер дегендердин баары талаштуу жерлер болчу да. Эми ошол жерлер бир тараптуу бизге өтүп жатат да, туурабы?

- Ооба. Талаш жерлерди чечип, чек араны тактап алганыбыз жакшы, ансыз коопсуздугубузду, стабилдүүлүктү камсыз кыла албайбыз. Өлкөбүздүн өнүгүүсү дагы созула берет.

Бегим ТУРДАЛИЕВА

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

Сөздүн кыскасы

РУСЛАН КАЗАКБАЕВ ТҮРКИЯДАГЫ “ТУУРГА КОНДУ”

Дасыккан дипломат, билими менен иши айкалышкан белгилүү саясатчы Руслан Казакбаев Кыргызстандын Түркиядагы атайын жана ыйгарым укуктуу элчиси болуп дайындалды. Тиешелүү Жарлыкка өлкө башчысы өткөн аптанын соңунда кол койду. Казакбаевдин дипломаттык жолунда Түркияда кыйла жыл иштегенин эске алсак, бул сапар боордош эки элдин ортосундагы алака өтө бийик деңгээлге чыкпаса дагы, жылуу маанайда уланаарында шек жок. “Карт дипломатка” ишене туралы...

50 АВТОНУН ОРДУНА 1 АВТОБУС: БИШКЕК АВТОТЫГЫН, ЫШТАН КАЧАН АРЫЛАТ?

Эл аралык Urban Hub коомчулугунун өкүлдөрү Бишкек шаарында “50 автонун ордуна 1 автобус” — аталышында акция өткөрүп, баш калаадагы автотыгын, булганган абаны — ышты атайын мисал менен көрсөтүп беришти. Бул тууралуу Movegreen коомдук экологиялык уюму жарыялады.

Иш-чара Кулатов менен Фатьянов көчөлөрүнүн кесилишинде өтүп, уюштуруучулар 50 автоунаа жолдун 600 чарчы метрин ээлегенин, ал эми велосипедчендер 70, самокатчандар 50 чарчы метрди ээлегендигин айтышты. Автобустун жүргүнчүлөрү жолдун 30 чарчы метрин ээлегендигин белгилешкен. Көрдүңөрбү? Ушундай таз кейпибиз менен анан кантип биз ыштан арылат элек?

ТУРГАНБАЕВ МЕНЕН МЫРЗАКМАТОВ КАН-КУДАГА АЙЛАНЫШТЫ

Оштун бир кездеги “Ормону” Мелис Мырзакматовго генерал-майор Мелис Турганбаев кулдук уруп барды. Тагыраагы, Мырзакматовдун кызы Каныкей ИИМдин мурдагы жетекчисинин уулу Азамат Турганбаевдин өмүрлүк жолдошуна айланып, эки тарап кудуңдап турган чактары. Куттуктайбыз! Эки жаш бактылуу болушсун! Кудай кошкон куда болот. Эки Меке ылайым миң жылдык кудалардан болушсун!

ӨРНӨКТӨГҮ ӨКҮЛДҮН ДАТЫН УГААР ЖАН БАРБЫ?

Ысык-Көл районунун Өрнөк айылында Эрнис Исабеков аттуу жаран бар. Айылдагы, жалпы ошол аймактагы көкөйгө көк таштай тийген көйгөйлөрдү көтөрө чаап, жогорку бийлик бутактарына сунуштап жүрөт. Кара жанын карч уруп, элдин көйгөйүн көтөрүштөн тажабайт. Дал ушул Эрнис Исабеков алдыдагы Курултайга делегат болуу менен өлкө башчысынын өзүнө көйгөйдү айтууга шымаланса, жергиликтүү “бөрк ал десе баш алган” жетекчилер бут тосушуп, борборго келе турган жолун тосушканын биздин кабарчыбызга айтып берди. Тиешелүү органдар бул жарандын датына кулак сала алышабы? Кабарчыбыз иликтөөгө киришти.

ТЕҢГИЗ БӨЛТҮРҮКТҮН КАМАКТАГЫ МӨӨНӨТҮ УЗАРТЫЛДЫ

Кылым чуусуна айланган “Кумтөрдүн” мурдагы жетекчиси Теңгиз Бөлтүрүктүн баш коргоо чарасы узартылып, жаңы жылды да камактан тосмой болду. Куш тилиндей маалыматты Бишкек шаардык сотунан да бекемдешти. Бөлтүрүк мырзанын абактагы жашоосу 10-январга чейин уланмакчы. Андан кийинки тагдыры эркиндик менен уланабы же капаста калабы? Бул жагы биздин соттордун чыгарган чечимине жараша болсо керек.

КАРА КОЧКОРДУН КЫЗЫ САРНОГОЕВ АТЫНДАГЫ СЫЙЛЫКТЫ БАГЫНДЫРДЫ

Узаган аптада Таласта залкар талант Байдылда Сарногоевдин 90 жылдык мааракеси дүңгүрөгөн тейде өткөрүлдү. Казан-казан эт баштаган той шаанисинен тышкары Байдылда Сарногоев атындагы республикалык адабий сыйлыктын жеңүүчүлөрү сыйланышты. Баш байгени касиеттүү кара Кочкордон келген Бегайым Нурланова илип кетип, капчыгына кошумча 100 миң сомду бөктөрө кетти. 30 жаштын кырына эми келген кичинекей тирикараак чыйрак кыз далай акындарды чаңында калтырып, эрденип турган кези. Илхом келип турганда чуркай берсин да, туурабы?

КУСЕИН ИСАЕВДИН УУЛУ КАРЬЕРАЛЫК СЕКИРИК ЖАСАДЫ

Кыргыз кыйырына белгилүү социолог Кусеин Исаевди билесиңер да. Аксакалдын уулу Асеин Исаев ушул күндөрдөн тарта өлкөбүздүн тышкы иштер министринин биринчи орун басарлыгына дайындалды. Тиешелүү чечимди Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров кабыл алды. Сөөгүнөн бери дипломат, бүтүндөй өмүрүн тышкы саясатыбызга арнаган Асеин Исаев буга чейин өлкөбүздүн Индиядагы элчиси катары иштеп жаткан.

АЛЫМБАЕВГЕ ООМАТ ООП, АППАРАТТЫН ИШИНЕ АРАЛАШТЫ

Нурланбек Шакиев парламенттин төрагалыгына келгени, аппараттын ичинде кадрдык жүрүштөр жанданды. Жогорку Кеңештин мурдагы депутаты Алайбек Алымбаев парламенттин аппарат башчысынын биринчи орун басарлыгына дайындалды. Парламенттин ичинен карьерасын баштап, бир катар бөлүмдөрүндө иштеп келген Алымбаев Жогорку Кеңеш үчүн жат эмес. Андыктан, ишке келгенде жетекчиликти уятка калтырбаса керек.

Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ

Самарканддагы 9-саммит

ТИЛИ, ДИЛИ БИР ӨЛКӨЛӨРДҮН КЕЛЕЧЕК КАДАМЫ



Өткөн аптанын 11-ноябрында Өзбекстандын Самарканд шаарында Түрк мамлекеттер уюмунун IX саммити болуп өттү. Бул жолку жолугушуу «Түрк цивилизациясынын жаңы доору, чогуу өнүгүүгө биргеликте кадам» деген ураан алдында уюштурулду. Ага уюмдун мүчөлөрү — Азербайжан, Казакстан, Кыргызстан, Түркия жана Өзбекстан мамлекеттеринин президенттери, байкоочу макамында Венгриянын премьер-министри жана Түркмөнстандын Халк Маслахатынын төрагасы Гурбангулы Бердымухамедов катышты.

Жыйынды өзбек президенти Шавкат Мирзиёев ачып, былтыртан тарта аталышын өзгөрткөн уюм түрк тилдүү өлкөлөрдүн кызматташтыгында жаңы барак ачылганын билдирди. Уюм Түрк тилдүү мамлекеттер кеңеши деген аталыш менен 2009-жылы түзүлгөн. Ал учурда Кыргызстан, Казакстан, Түркия жана Азербайжан мүчө болчу. 2019-жылы Өзбекстан уюмга толук кандуу мүчө болуп кирип, былтыртан бери Түрк мамлекеттер уюму деп атала баштаган. Шавкат Мирзиёев азыркы учурда дүйнөдөгү экономикалык кризис шартында түрк тилдүү өлкөлөр кызматташтыкты чыңдашы керектигин кошумчалады. Уюмга мүчө өлкөлөр экономикалык жааттагы кызматташтыкта мүмкүнчүлүктөрдү толук кандуу колдонбогонун, бажы төлөмдөрү жогору экенин белгилеп, эркин соода жүргүзүү аймагын түзүү, транспорттук байланышты күчөтүү зарылдыгын билдирди.

Өзбекстандын президенти коопсуздук маселелерине өзгөчө көңүл буруу зарылдыгын, дүйнөнүн баардык бурчундагы мамлекеттер аралык куралдуу тирешүүлөр, согуштар, ар кандай локалдык жаңжалдар түрк дүйнөсүнө коркунуч туудуруп жатканын кошумчалады. Бул шартта коопсуздук органдары терроризмге каршы, киберкоопсуздук жаатында биргеликте иш алып барышы учур талабы деп белгиледи. Буга чейин айтылгандай саммитте мамлекет башчылар ар тараптуу кызматташуунун актуалдуу маселелерин талкуулашып, уюмдун 2022 – 2026-жылдарга карата декларациясын жана стратегиясын кабыл алышты. Жалпылап айтканда уюмга мүчө мамлекеттердин ортосунда гуманитардык кызматташтыктан тарта экономикалык байланыштарды чыңдоо, транспорт жана бажы иши, санариптештирүү жаатындагы доллоорлор да талкууланды. Саммиттин алдында уюмга мүчө өлкөлөрдүн экономика министрлеринин Түрк инвестициялык фондун, биргелешкен соода үйлөрүн ачуу жана Турансез экономикалык аймагын түзүү боюнча сүйлөшүүлөрү болду.

Түркмөнстандын бул уюмга толук кандуу мүчө болуп кошулары кабарланып жаткан. Түркиянын тышкы иштер министри Мевлүт Чавушоглу 29-сентябрдагы билдирүүсүндө: “Жакшы жаңылык менен бөлүшкүм келип жатат. Буга чейин уюмга байкоочу болгон Түркмөнстан Самарканддагы саммитте толук кандуу мүчө болуп кирет. Муну менен түрк тилдүү үйбүлөбүздү толуктайбыз” деп алдын ала маалымдаган эле, бирок Самаркандда өткөн Түрк мамлекеттеринин уюмунун IX саммитинин жыйынтыгында Түркмөнстан уюмдун толук кандуу мүчөсү болуп жарыяланган жок. Түркиянын министринин эки ай мурунку маалыматы эмнеге ишке ашпай калганын, ага эмне себеп болгонун эч ким түшүндүрүп бере алган жок. Түркмөнстандын атынан саммитке өлкөнүн мурдагы президенти Гурбангулы Бердымухамедов катышты. Түркмөнстандын мамлекеттик маалымат агенттиги (ТДХ) Бердымухамедов жыйынга Өзбекстан президенти Шавкат Мирзиёевдин чакыруусу менен ардактуу конок катары катышып жатканын билдирди. Бул ишчарага өзбек бийлиги даярдык көрүп, аны коомчулукка чагылдыруу үчүн буга чейин аккредитация албаган айрым маалымат каражаттардын кабарчыларын да чакырды.

Түрк мамлекеттер уюмунун (ТМУ) мамлекет башчыларынын чечими менен Кыргыз Республикасынын өкүлү – Кубанычбек Өмүралиев ТМУнун Башкы катчысы болуп дайындалды. Тийиштүү чечим Самарканд шаарында (Өзбекстан Республикасы) өткөн Уюмдун Саммитинин жүрүшүндө кабыл алынды. Кубанычбек Өмүралиев буга чейин Кыргыз Республикасынын Түркия Республикасындагы Атайын жана Ыйгарым укуктуу Элчиси жана Анкара шаарындагы резиденциясы менен бир эле убакта Кыргыз Республикасынын Израилдеги Атайын жана Ыйгарым укуктуу Элчиси кызматын ээлеген. Уюмдун Башкы катчысы үч жылдык мөөнөткө шайланат. Буга чейин бул кызматты Х. Акынжы (Түркия), Р. Гасан (Азербайжан), Багдад Амреев (Казакстан) ээлеп келген.

Соңунда Түрк мамлекеттери уюмунун (ТМУ) Алишер Навои атындагы эл аралык сыйлыгы Өзбекстандын сунушу менен түрк дүйнөсүнүн сыймыгы болгон улуу жазуучу, маркум Чыңгыз Айтматовго ыйгарылды. Бул тууралуу саммиттен соң брифинг учурунда Өзбекстандын тышкы иштер министри Владимир Норов билдирди. Сыйлык Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровго берилди. Өзбекстандын мамлекет башчысы Шавкат Мирзиёев аны Айтматовдун жакындарына тапшырып коюуну өтүнүп, салам жолдоду. Түрк дүйнөсүнүн биримдигине кошкон салымы үчүн Түрк мамлекеттер уюмунун эл аралык Алишер Навои атындагы сыйлыгын ыйгаруу жөнүндө чечим өткөн жылы Түркияда өткөн саммитте кабыл алынган. Сыйлык быйыл биринчи жолу берилди.

Албетте дүйнө коомчулугу үчүнчү дүйнөлүк согуштун улагасында турган кооптуу шартта Түрк мамлекеттер уюмунун IX саммитинин жыйынтыгында кабыл алынган чечимдер учурдагы эң зарыл болгон талаптардын баш сабында турарында талаш жок. Тили, дили, дини, базары, мазары бир болгон Түрк мамлекеттеринин олуттуу уюмга бириги-ип, алдыга бир максатта кадам коюп иш алып баруусу эң алгач уюмга мүчө болгон ар бир мамлекеттин экономикалык жактан өнүгүүсүнө шарт түзөт. Илимий-практикалык конференциялар, маданий иш-чаралардын жүрүшүндө мамлекеттер аралык алакалар бекемделип, достук мамилелер чыңалат. Соода сатык жолго коюлуп эркин соода жүргүзүү аймагы түзүлүп, транспорттук байланыштар күчөтүлөт. Аскердик коргонуу, коопсуздук боюнча тажрыйбалар алмашылып, атайын кызматтар терроризмге каршы, киберкоопсуздук жаатында биргеликте иш алып барат. Түрк мамлекеттер уюмунун мындан аркы ишине, уюмга Башкы катчысы болуп дайындалган Кыргыз Республикасынын өкүлү – Кубанычбек Өмүралиевге ийгилик каалайбыз.

Бахпурбек АЛЕНОВ

Үзүл-кесил

Нookат райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы–аким Данир ИМАНАЛИЕВ:

“Инвестиция тартуу менен алпурушуп жатабыз”

Бу жергиликтүү чиновник кадрдык ротациянын эпкини менен Ысык-Көл районунун акимдигинен Нookат районунун башчылыгына которулуп барган. Биз район башчысына интернет аркылуу азын-оолак собол салдык.

- Данир мырза, Ысык-Көлдөн Ошко орун которуштургандын артыкчылыктары болот бекен?

- Албетте, болот! Бул жакта жер башка, эл башка дегендей. Мүмкүнчүлүктөрү, өзгөчүлүктөрү башка.

- Жыйым-терим бүттү да. Алдыда районго эмне иш кылууну максат кылып жатасыз?

- Ооба, күзгү оруп-жыйноо өнөктүгүн бүтүрүп алдык. Түшүмдүүлүк Кудайга шүгүр жаман эмес! Учурда күздүк себүү жана кышка даярдыктарды көрүүнүн үстүндө иштеп жатабыз. Мындан тышкары бизге жыл башында коюлган милдеттерди жана пландарды аткарууну, экономикалык көрсөткүчтөр, жарандардын астындагы милдеттер, инвестиция тартууда иштерди жүргүзүү боюнча пландардын үстүндө алпурушуп жатабыз.

- Кайра мурдагы орунуңузга которулууну ойлонуштура элексизби?

- Ойлонуштура элекмин. Менин милдетим мойнумдагы жоопкерчиликтүү милдетти абийирдүүлүк менен аткаруу болуп саналат. Мен үчүн Президентибиздин райондогу өкүлү катары мыйзам чегинде берилген бар укуктарымды пайдаланып, мамлекеттик кызматкер катары иштөө гана турат. Ошол максаттарды ишке ашырышыбыз керек. Ушул багыт менен иштеп, коюлган тапшырма, пландарды аткарып, районго жакшы иш кылуу менин асыл максаттарымдын бири.

Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

САЛЫКТАГЫ САНДАР...

Салык кызматы 2022-жылдын 9 айында бирдиктүү салыктын негизинде салык салуунун жөнөкөйлөтүлгөн системасы боюнча 1 миллиард 458,6 миллион сом салык жыйнады. Бул өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 1 миллиард 217,8 миллион сомго көп. Башкача айтканда, былтыркы жылга караганда 6 эсеге жогорулаган. Андан тышкары, салык салуу системасын колдонгон салык төлөөчүлөрдүн саны да өскөн. Алсак, бүгүнкү күндө бирдиктүү салык төлөөчүлөр 28 миң 520га жеткен. Бул өткөн жылга салыштырмалуу 18 миң 366 субъектке көп.

Бирдиктүү салык – салыктын үч түрүн алмаштырып, адилеттүү, жеткиликтүү салык салуу аркылуу ишкерликти колдоого багытталган. Ал патенттик салык системасы үчүн жакшы альтернатива болуп саналат. Ошондой эле чакан жана орто ишкерликке тиешелүү салыктар төлөнгөн кирешелерин мыйзамдаштырууга мүмкүндүк берет.

КАЛКТЫН КЕРЕКТӨӨСҮН КАНААТТАНДЫРГАН КАТТАМДАР

Маанилүү багыттарынын бири – жүргүнчүлөрдү ташуу боюнча калктын керектөөсүн канааттандырган "Кыргыз темир жолу" Мамлекеттик ишканасы акыркы 9 айда жалпысынан 271 миң 461 жүргүнчү ташыган.

Анын ичинен ички каттамдар аркылуу 197 610 жүргүнчү ташылса, ушул жылдын июнь айынан тарта жанданган эл аралык каттамдар аркылуу 73 851 жүргүнчү аталган ишкананын кызмат көрсөтүү мүмкүнчүлүгүнөн пайдаланышкан. Эл аралык каттамдар Бишкек – Самара, Бишкек – Казань жана Бишкек – Новосибирск шаарларына жүргүзүлсө, ички негизги каттамдарды Бишкек-1 – Токмок, Бишкек-2 – Кайыңды жана Бишкек-2 – Балыкчы багыттары түзөт.

ЭНЕРГЕТИКАНЫН ЭРТЕҢИ

Энергетика министри Таалайбек Ибраев Дүйнөлүк банктын CASA-1000 долбоору боюнча өкүлдөрү менен жолукту. CASA-1000 долбоорунун алкагында пландалган инфраструктуралык курулуш иштерин жана ага баа берүү жолугушуунун негизги өзөгүн түздү.

Аталган долбоор Борбордук Азия менен Түштүк Азиянын – Кыргызстан, Тажикстан, Ооганстан жана Пакистандын энергетикалык тутумдарын байланыштырууга багытталып, эл аралык стандарттарга ылайык электр энергиясын сатуу боюнча механизмдерди иштеп чыгат. Жолугушуунун жүрүшүндө долбоорду ишке ашыруунун учурдагы абалы, жалпы энергетика тармагындагы пландар, жана анын келечеги тууралуу айтылып, Дүйнөлүк банк өкүлдөрү Кыргызстандын энергетика тармагына бөлүнгөн каражаттар тууралуу маалымат берди.

АЯЛДАРДЫН АКТИВДҮҮЛҮГҮ АРТУУДА

Жакында борборубузда "EXPO-2022" аялдар ишкердигинин көргөзмөсү өттү. Ага "Кыргызиндустрия" ААКнын алдындагы "Кыргызбахча", "BK Medicare", "Кыргызтемирмык", "Кыргызтекстиль" ЖЧКлары жана өлкөнүн аймактарынан келген 60тан ашуун ишкерлер өздөрү өндүргөн товарларын алып чыгышты.

Көргөзмөнү уюштуруу жана өткөрүү БУУнун "Европа жана Борбор Азиядагы аялдар" аймактык кеңсесинин демилгеси менен ишке ашырылды. Максаты жана багыты – ишкер аялдарды колдоо менен алардын экономикалык активдүүлүгүн жогорулатуу.

ЖЕР КАЙТАРЫЛДЫ

"Бишкек машина куруу заводунун" менчикке өтүп кеткен 82,4 миллион сомдук 62 гектар жери кайрадан ишкананын карамагына өттү.

Сокулук районунун прокуратурасы акцияларынын 75,8 пайызы мамлекетке таандык болгон "Бишкек машина куруу заводу" ААКсына таандык жерди сатуудагы мыйзамсыз фактыларды далилдеп чыкты. Текшерүүгө ылайык, 62 гектар жер мыйзамсыз жеке тарапка өтүп кеткендиги аныкталган. Натыйжада сатып алуу, сатуу келишими жокко чыгарылып, соттун жана ишкананын башкармалыгынын чечими менен жер ишкананын балансына өттү.

КАРАЖАТ ТОПТОО ДА ӨЗҮНЧӨ МАДАНИЯТ

Жакында борборубузда Улуттук банк тарабынан Дүйнөлүк каражат топтоо күнү өттү. Анын максаты – каражатка байланыштуу чечимдерди туура кабыл алууга, каражат коопсуздугун камсыз кылган аянтчаны түзүүгө, каражат аркылуу максаттарга жетүүгө өбөлгө түзгөн калктын сабаттуулугун арттыруу жана аны топтоо маданиятын калыптандыруу болуп саналат.

Каражат топтоо маданиятын өркүндөтүү аркылуу окуучулардын, жаштардын финансылык сабаттуулугун жогорулатууга багытталган жүзгө чукул ар кандай иш-чараларга шаардын жана аймактардын мектеп окуучулары, студенттер катышты.

"Эркин-Тоо" пресс

КАЗЫНАЛЫК МИЛДЕТТЕНМЕЛЕРДИ ЧЫГАРУУ ЖОЛУ МЕНЕН МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРДЫН КРЕДИТОРДУК КАРЫЗДАРЫН ТӨЛӨӨ ЖАНА КУРУЛУШ ОБЪЕКТТЕРИН КАРЖЫЛОО БОЮНЧА ЧАРАЛАР ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүчүлөрдүн алдындагы кредиторлук карыздарын төлөөнү, ошондой эле курулуш объекттерин каржылоону камсыз кылуу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин казыналык милдеттенмелерин чыгаруу жана төлөө тартиби жөнүндө жобо 1-тиркемеге ылайык;

2) Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин казыналык милдеттенмелерин каттоо жана эсепке алуу мамлекеттик китеби жөнүндө жобо 2-тиркемеге ылайык;

3) Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин казыналык милдеттенмелерин чыгаруу жолу менен мамлекеттик органдардын кредиторлук карыздарын төлөө жана курулуш объекттерин каржылоо тартиби жөнүндө жобо 3-тиркемеге ылайык.

2. Мамлекеттик органдардын жетекчилери кредиторлук карыздар, ошондой эле курулуш объекттери жөнүндө маалыматтарды берүүдө маалыматтардын аныктыгы үчүн жеке жоопкерчилик тартат деп белгиленсин.

3. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күндүн ичинде күчүнө кирет.

4. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 10-декабрындагы №304 "Казыналык милдеттенмелерди чыгаруу жолу менен мамлекеттик органдардын кредиттик карыздарын төлөө механизмин бекитүү жөнүндө" токтому күчүн жоготту деп таанылсын.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ

Бишкек шаары, 2022-жылдын 4-ноябры, №616

ЭКОНОМИКАЛЫК КОНЦЕНТРАЦИЯНЫ КОНТРОЛДОО БОЮНЧА ЭРЕЖЕЛЕРДИ БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

"Атаандаштык жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 11, 12-беренелерин ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Экономикалык концентрацияны контролдоо боюнча эрежелер тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 21-июнундагы №431 "Экономикалык концентрациянын жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын монополияга каршы мыйзамдарынын сакталышын контролдоо боюнча эрежелерди бекитүү жөнүндө" токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 23-июнундагы №403 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомунун 5-пункту;

3) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 7-августундагы №405 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 21-июнундагы №431 "Экономикалык концентрациянын жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын монополияга каршы мыйзамдарынын сакталышын контролдоо боюнча эрежелерди бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому.

3. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ

Бишкек шаары, 2022-жылдын 4-ноябры, №617

ARIS

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА АГЕНТСТВО РАЗВИТИЯ И ИНВЕСТИРОВАНИЯ СООБЩЕСТВ (АРИС)

ПРОЕКТ «ДОПОЛНИТЕЛЬНОЕ ФИНАНСИРОВАНИЕ В РАМКАХ ТРЕТЬЕГО ПРОЕКТА СЕЛЬСКИХ ИНВЕСТИЦИЙ (ПО РЕАГИРОВАНИЮ НА COVID-19)» (ДФ ПСИ-3)

I. Агентство развития и инвестирования сообществ (АРИС), Проект «Дополнительное финансирование в рамках Третьего проекта сельских инвестиций (по реагированию на COVID-19» (ДФ ПСИ-3) настоящим приглашает квалифицированных лиц принять участие в конкурсе на следующие позиции:

Региональный специалист по закупкам по Иссык-Кульской области, Региональный специалист по закупкам по Нарынской области, Региональный специалист по закупкам по Таласской области, всего 3 (три) позиции.

Кандидат должен соответствовать следующим критериям и квалификационным требованиям:

- высшее образование в области экономики финансов или в соответствующей области;
- знание руководств и процедур Всемирного Банка, других международных организаций по закупке товаров, работ и услуг;
- знание местного законодательства в области закупок;
- опыт работы в инвестиционных проектах или смежных областях не менее 3-х лет, из них 1 год специалистом по закупкам;
- практический опыт работы в подготовке тендерных документов, контрактов, оценочных отчетов;
- хорошее знание письменного и разговорного английского языка;
- навыки работы с компьютерными программами Microsoft Word и Excel.

II. Отбор консультанта будет осуществляться в соответствии с процедурами, установленными в «Руководство по Регулированию Закупками Всемирного Банка для Заемщиков ФИП (июль 2016, пересмотрено в ноябре 2017 г. и августе 2018 г.».

III. Заинтересованные кандидаты должны зарегистрироваться/авторизоваться в качестве Кандидата на вакансию, на сайте АРИС **www.aris.kg** и подать заявку на участие в данном отборе (резюме на русском и английском языках, с указанием номера контактного телефона и позиции) до **18.00 часов 28 ноября 2022 года.**

IV. Документы, представленные позже указанного срока, не будут рассмотрены. На собеседование будут приглашены только квалифицированные кандидаты.

С/О-519

Күйгөндөн айтам бир сабак

Жакында Жогорку Кеңеш Кемпир-Абад маселесин ачык карайт. Буга чейин чек ара маселеси көрүнгөндүн эле бетине кармаган шылтоосуна айланды. "Сатып жибериптир" деп жер сабагандардын элди эки анжы кылып адаштырганына дагы күбө болдук. Кээ бир журналисттер, саясатчылар, депутаттар саясий оюнга айлантып, фактыларды бурмалап, туура эмес маалыматтарды таратышты. Эми ага убакыт тараза.

Саясат таануучу Тимур САРАЛАЕВ:

"Кемпир-Абад маселесинде мындан артык келишим болбойт"

Мен дагы кененирээк маалыматтарды угуп, Кемпир-Абадды берип салбай эле алып жатканыбызга ынандым. Сабыр кылып турсак, жакында бул маселе Жогорку Кеңеште ачык каралат. Ошондо бурмалап жаткан саясатчылар, козутуп жаткан депутаттар жалган маалыматтары үчүн уялышат деп ойлойм. Пикир алмашууда, сын айтууда жалгандын дагы чеги болуш керек. Бул суу сактагыч убагында Өзбекстандын эгин талаалары үчүн курулуп, плотина алардын аймагында жайгашкан.

Курулган күндөн тартып Өзбекстан пайдаланып келет. Көп учурлар болгон, аны өзгөндүктөр дагы жакшы билет. Жаанчыл жылдары суунун көлөмү көтөрүлүп, кыргыздардын айдоо жерлерин басып кетчү экен. Эч ким Өзбекстанга доомат кыла алган эмес, тек гана айдоо жеринен айрылып отуруп калышчу.

Суу сактагыч курулган жылдар аралыгында Кыргызстан суу сактагычтан пайдаланышкан эмес. Бул факт! Жергиликтүү жашоочулар жээгине бара алчу эмес. Балык кармайм деп кирип алгандарды өзбектер кармап кетчү экен.

Эми азыркы келишим боюнча кандай болгону жатат?

Суунун көлөмүнө эки мамлекет бирге көзөмөл кылат. Мурдагыдай айдоо жерлерди суу басып кетпейт. Эгер суу көлөмү көтөрүлүп бара жатса, бир нукта кармалат. Мурда жээгине басып бара албасак, эми каалоочулар балык кармап, кайыктар менен үстүндө сүзүп жүрө алат. Буга чейин сууну айыл чарба багытына колдоно алган эмеспиз, бул дагы кашкайган чындык. Өзгөндүн эли дагы муну жок дебейт. Азыркы келишим боюнча айдоо жерлерге каалаган жерден суу түтүктөрүн тартып пайдалансак болот. Дагы кандай келишим болуш керек мындан артык? "Кемпир-Абадды сатып жиберди" - деп айтып жаткандар ушул суроолорго жооп беришсе жакшы болмок? Чек араны бизге мындай кылып ыңгайлуу чечүү сындап жаткандардын колунан келеби? Азыр сындагандардын көбү мурда жогорку кызматтарда, бийликте болушкан. Эмнеге ошол кезде че-че алышкан эмес!? Ошондуктан, ар кайсы саясий кызыкчылыктарды көздөгөн топтун тилине кирбей, так маалыматка карагыла деп айткым келет. Плотина Өзбекстандын аймагында жайгашкан, келишим ратификация болсо алардын аймагына биздин чек арачылар кирип, плотинаны чогуу карашат. Мындай келишим албетте Кыргызстан үчүн ыңгайлуу жана пайдалуу. Жөн эле кыйкыра бербей, жыйынтыкка көңүл буруп, оройлонбой мамлекеттик туруктуулукту ойлонсо.

1965-жылдан бери плотинаны Өзбекстан башкарып келет. Буга чейин кыргыздын бир аскери ал жакка кире алган эмес. Азыркы келишим боюнча мындан ары башкаруу 50/50 болуп, биз дагы плотинага теңме-тең көзөмөл кылабыз. Суунун көлөмү белгиленген деңгээлден ашпайт.

Дагы бир логикага туура келбеген ойду чанжыраткандар, "суу ээлеп турган жерди алышыбыз керек, соолуганда жерди пайдаланабыз" - деп суунун түбүнө көз артып жатышат. Бул дагы элдин башын айландырган манипуляция! Болуп келген суу, дагы далай жылдар, кылымдар агат. Суу түгөнүп, соолуп кала турган күн келсе, анда адамзаттын жашоосу дагы бүтөт да.

Өзбекстан менен чек араны тактоодо дагы көп жакшы маалыматтарды уктум, албетте ичимдеги сезимдерим туйлап, ачыктап, айтып салгым келип, сиздер менен бөлүшкүм келип жатат. Бирок сүйлөшүүгө зыяным тийип калбасын деп, азырынча көп маалыматты өзүмдө кармап турайын деп чечтим. Мындан артык келишим болбойт, болушу дагы мүмкүн эмес.

Жакында Алмазбек Атамбаев айтты го, "чек ара маселесин мен атайын кийинкиге калтыргамын, Садыр Жапаров дагы кийинкиге калтырса болмок" деп. Тууган-дар, учурда Өзбекстандын калкынын саны 40 миллион. Дагы 10 жылда калкынын саны миллиондоп өсөт. Жерге болгон муктаждык күчөйт. Талаш аймактарга жайгашат, согушсуз эле кирип келет деп ким кепилдик берет? Отуз жылдан бери ушул түйшүктү эч кимиси чечкиси келбей, улам кийинкиге калтырып келе бергендин кесепетин көрүп жатабыз. Жапаров деле чек араны кийинкиге калтырып, президенттик мөөнөтүн жыргап өткөрсө болот беле? Болмок. Андай кылган жок да, жоопкерчиликти алып, киришип, чечип жатат. Маселе болгондо дагы Кыргызстандын пайдасына чечилип жатат.

Чек араны шылтоо кылып, жеке өздөрүнүн кызыкчылыктарын ишке ашырууну максат кылгандар жер карап, уяла турган күнгө аз калды. Жакында жакшы кабарларга чогуу күбө болобуз.

Кагазга түшүргөн
Разия ЖООШБАЕВА

Пикир

Коомдук ишмер Феликс КУЛОВ:

"ДЕПУТАТ ПОЗИЦИЯНЫН ТУУРАЛЫГЫНА ТОЛУК ИШЕНЕТ ЭКЕН"

Коомдук ишмер өзүнүн фейсбуктагы баракчасына Кемпир-Абад маселеси боюнча бир депутат менен болгон пикир алышуусун жарыялады. Андан ал:

"Мен бир депутат менен сүйлөштүм. Ал да башкалар сыяктуу эле Кемпир-Абад боюнча материалдарды алыптыр. Буга чейин бул депутат мага Президент Садыр Жапаров менен чек ара маселеси боюнча мамлекеттик комиссиянын төрагасы болуп турган Камчыбек Ташиевдин позициясынан күмөн санап, ал тургай кароодо ратификацияга каршы добуш берерин айткан.

Бирок, келип түшкөн документтерди карап чыгып, 180 градуска өз оюн өзгөрткөн. Эми ал биздин позициянын туралыгына толук ишенет жана Кемпир-Абад боюнча өлкөнүн жетекчилигин эч кандай шартсыз колдойт. Оппозициянын, айрым айылдардын тургундарынын нааразылыктары, пикир келишпестиктери боюнча берген суроолорума ал "алардын биздин жерибизди биз тараптан жоготкондугу боюнча аргументтеринин баары жаңылыштык, биз эч нерсени алдырган жокпуз, тескерисинче, утуп жатабыз" деп жооп берди.

Анын айтымында, буга чейин Садыр Жапаров белгилегендей талкуу ачык өтүп, Кемпир-Абад боюнча биз чыгарган чечимдин туралыгына эл ынанат.

Мен ага көп суроолорду бердим, бардыгына кеңири жооптору алдым.

Мен алдын алгым келбейт, бирок, Кемпир-Абад кризисин жеңип чыктык деген сезим пайда болду", - дейт Феликс Кулов.

Кабарлар

СУНУШ ЧЕТКЕ КАГЫЛУУДА

Мамлекеттик салык кызматы чет өлкөлүк компанияларды аралыктан салыктык каттоодон өтүүгө жана республикада электрондук кызматтарды көрсөткөндүгү үчүн кошумча нарк салыгын (КНС) төлөөчү болуу сунушу менен кайрылган. Тилекке каршы Alibaba, Meta, Netflix, Google, Amazon компаниялары бул сунушту четке кагып келгенин салык кызматы билдирди.

Бүгүнкү күндө КРда электрондук кызматтарды көрсөткөн 18 чет өлкөлүк компания www.vat.salyk.kg сервисинен КНС төлөөчү катары аралыктан каттоодон өтүп иштеп жатыптыр. Салык кызматынын маалыматы боюнча, биздин мыйзамды сыйлаган Яндекс Go, Vaskiani Ventures limited жана Xsolla компаниялары буга чейин 29 млн сом КНС төлөшкөнү маалым болду.

Ал эми аралыктан каттоону Салык кызматынын vat.salyk.kg сервиси аркылуу каттоодон өткөндөн кийин чет өлкөлүк уюм идентификациялык салык номерин жана жеке кабинетине кирүү мүмкүнчүлүгүн алат экен.

ГЕРМАНИЯДА ЖАСАЛГАН УНААЛАР БИЗДЕ АРЗАН

Numbeo аналитикалык сайтынын билдиргенине караганда Германияда жасалган унаалар ЕАЭБдин башка өлкөлөрүнө караганда Кыргызстанда арзан. Маселен, Кыргызстанда Volkswagen Golf орточо эсеп менен 14,58 миң доллар турса, Toyota Corolla Sedan 22,61 миң долларга бааланат экен.

Ошол эле учурда жапониялык Toyota Corolla Sedan автоунаасынын Казакстандагы орточо баасы бүткүл ЕАЭБге салыштырмалуу 21,76 миң долларга бааланса, Арменияда мындай унааны орто эсеп менен 27,57 миң долларга, Беларуста 27,19 миң долларга, Орусияда 37,98 миң долларга сатып алса болорун билдирет аталган сайт.

ОКТЯБРДА 3009 ЖАРАНГА ПЕНСИЯ ЧЕКТЕЛДИ

Жыл башынан бери тогуз айдын аралыгында 61 145 жаранга пенсия чектелгенин Социалдык фонддон билдиришти. Ал эми октябрь айында 3009 жаранга пенсия чектелсе, андан тышкары, Соцфонд эмгек стажы, эмгек акысы, окуусу жана майыптыгы боюнча 986 пенсионерге кошумча берилген документтерге ылайык, пенсиялар кайрадан эсептелингенин маалымдайт.

Эскерте кетсек, быйыл пенсиянын базалык бөлүгү 1780 сомдон 3170 сомго, камсыздандыруу бөлүгү 15%га өстү.

Шекербек КАЛЫКОВ

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

"Алай-Ламадан" акыл кеп

Бул күндөрү кыргыз маданий коомчулугу Кыргыз эл жазуучусу Кубатбек Жусубалиевдин 80 жылдыгын белгилеп жатат. Жазуучунун маарекесине карата борбор калаабызда бир жумадан бери атайын программанын негизинде иш-чаралар, окурмандар менен жолугушуулар, илимий конференциялар, сүрөт көргөзмөлөр өтүүдө.

Кыргыз эл жазуучусу Кубатбек ЖУСУБАЛИЕВ:

"ДҮЙНӨНҮ УЛУУ СҮЙҮҮ БАШКАРАТ"

Кубатбек ЖУСУБАЛИЕВ:

"Мен азыр силерге жаңы жазгандарымдан бир нерсе окуп бersем да болот. Адамдын эмне үчүн төрөлгөнүн? Ал биринчи кимди таанып билиш керек? Китепти эмне үчүн жазыш керек? Ушулардын баары мага түшүнүксүз болчу. Анан бара-бара мен түшүнө баштадым. Анткени, адам өзү бир улуу, өтө улуу жан экен, жаныбар экен. Себеби, бул жаныбарды түшүнүш үчүн, өзүнөзү түшүнүү өтө керек экен. Мен акыры ушуга келдим. Кудай деген бар экен. Бизди жасаган киши бар экен. Аны түшүнүш үчүн адам адегенде өзүн-өзү түшүнүш керек экен. Ошол үчүн менин жазгандарымдын адамдарга бир пайдасы, жардамы тийсе экен деп ойлойм. Анткени, адам өзүн-өзү түшүнсө ал Кудайды дагы түшүнөт, жарык дүйнөгө эмнеге келгенин дагы түшүнөт экен. Мисалы, ошондой бир улуу өзгөрүүгө адам кире алабы, кире албайбы? Мендеги эң чоң көйгөй ушул болду. Себеби, адамдын өзгөрүшү өтө-өтө кыйын экен. Адамдын ичинде, жан дүйнөсүндө улуу өзгөрүү болуш керек экен. Мени эң эле кыйнаган нерсе ушул болду. Канткенде аны так, таамай айтыш керек деп жылдар бою убара чектим. Мен кырк жашка чыкканда ойлондум. Ушуларды айтыш үчүн арак ичпей коюш керек дедим да арак ичпей койдум, эт жебей коюш керек дедим да эт жебей койдум. А өмүр болсо көз ирмемге окшогон нерсе экен. Ошол көз ирмемдин ортосунда арак ичсең, эт жесең, анан башка да иштерди жасасаң. Кой, болбойт, деп мен бардыгын таштап жибергем. Антпесең, сен балээни да билбей калат экенсиң. Ушуларды таштасам эле акылман болуп жатып калам го деп ойлогомун. Бирок, андай болгон жок. Бу адамдын өзгөрүшү өтө кыйын экен. Өлө кыйын экен. Аны элестетиштин өзү да кыйын. Адам жарык дүйнөгө эмне үчүн жаралган? Бул дүйнөнү акча башкарбайт, Маркс, Ленинге окшогон мен кыйынмын дегендер башкарбайт. Кудайдын айтканы бар. Бул дүйнөнү Улуу Сүйүү башкарат. Эмне үчүн ушинтип айткан деп ойлодум. Демек, адам өзгөрүш керек, бирок, анын өзгөрүшү өтө кыйын иш экен. Силерге рахмат, айтып атасыңар. Бирок, мен деле жакшы өзгөрбөдүм. Эгер мен өзгөрсөм ошол Улуу Сүйүүгө окшоп калат элем да. Улуу Сүйүүгө окшоп калган кишинин кылганы дагы, дегени дагы, жүргөнү дагы, сүйлөгөнү дагы Улуу Сүйүүдөй болот. Ошолор дем, күч берип, кишилерге тийип, аларды өзгөртсө сенин жазганың дагы адамга пайдалуу болот. А болбосо жазуучу болгондун да кереги жок. Жазгандын да кереги жок. Анан мен таң калып атам да, мен өзгөргөнүм деле жок, баягы-баягыдай эле иттей эгоистмин, кайрымдуу, боорукер эмесмин. Кудайга таандык беш сапат болот экен. Ошолорду адам өзүнө алганда башкаларга пайдалуу болот. Меники чала го аябай эле. Мен дале болсо жакшы өзгөрө албай жатам. Кудай мага 80 жаш берди. Бу сексен жашың деле бир көз ирмем экен. Өмүр өзү көз ирмем болгондон кийин ошонун ичинде өзгөрүш чынында эле кыйын. Кудай мага 90 жаш, балким 100 жаш да бериши мүмкүн. Кудай аны мага эмне үчүн берип жатат? Жыргап-куунаш үчүн эмес, өзгөрүш үчүн берип жатат. Демек, менин адамдарга аздыр-көптүр пайдам тийип жаткандыгы үчүн берип атат го деп ойлойм. Мисалы, мен кээде ойлоп атам, мүмкүн мен 100 жаштан да көп жашашым мүмкүн. Эмне үчүн? Бу биздин, адамдардын ою да, тилеги да бир болот экен. Демек, өзгөрүүнүн эң улуу касиети адамга келгенде гана анын жазганы дагы, дегени дагы, жүргөнү дагы пайдалуу болот экен. Бирок, өзгөрүш өтө кыйын экен. Ошону айтайын дедим силерге".

Философия илимдеринин доктору, сынчы Жамгырбек БӨКӨШЕВ:

- Биз 70-жылдары жаш сынчылар Абдыганы Эркебаев, Осмонакун Ибраимов, Калык Ибраимов, Каныбек Эдилбаев болуп чогуу дүрбөп чыккан элек. Жазуучулар Союзуна, гезит-журналдардын редакцияларына тынбай барып турчубуз. Бир жолу "Кыргызстан маданияты" гезитине барып калдык. Ал жерге Кубат аке келип калды. Кыргыз адабиятында "кызыл көз сынчы" анан "көк көз сынчы" бар эле. Кубат аке ошондо "турмуш адамды таанып билгенге үйрөтөт, турмуштан алган таасирлеринен улам адам дубалга мык каккандай ойлорду, маанилерди аң-сезимине бекем кадайт. Ошентип, адамды адам кылып тарбиялайт, жаманжакшысын иргейт" деп айтты. Мына ушул адамдын адамдыгы жөнүндөгү маселе жазуучунун "Муздак дубалдар" романында калемгердин жеке инсандык тагдырынын негизинде, XX кылымдагы көркөм адабияттын негизинде өзүнүн билип, көрүп, түшүнгөн окуяларынын негизинде сыпатталып, баяндалып берген.

Көркөм адабиятты көп жылдардан бери изилдеп жүргөн сынчы катары айтсам, "Муздак дубалдарды" туш келди жеринен эле ачып алып окуй берсеңиз болот. Жазуучунун чыгармачылыгы тууралуу башта да макала жазгамын. Бул китебине да кириш сөз жаздым.

Жазуучу, Кубатбек Жусубалиевдин шакирти Мамат САБЫРОВ:

- Менин эсимде, 1993-94-жылдар бекен, "Муздак дубалдардын" биринчи китеби чыкканда мен "Кыргыз руху" гезитинде иштейт элем. Бир чети жарыя катары, бир чети окурмандарга сүйүнчү катары кичинекей маалымат жаздым. Аны телефондон Кубат акеге окуп бersем "Хрущевдин жүгөрүсүн жеген, Брежневдин арагын ичкен, андан кийин Горбачевдун талонун жыттаган роман акыры жарык көрдү" деп айтып мени күлдүргөн. Роман Хрущевдин убагында жазылып, бирок жарык көрбөй, текчеде жата берди. Ал ортодо көптөгөн жетекчилер алмашты. Акыры советтик заман жоюлгандан кийин гана жарык көрдү. Бирок, адабияттын тагдыры, эгер ал чыныгы чыгарма болсо, канча мезгил өтсө да алтындай болуп жаркырап жата берет. Эскирбейт. "Муздак дубалдар" 90-жылдар эмес бүгүн чыкса деле өз баасын жоготмок эмес. Бирок, менин бир өкүнгөнүм, чыгарма өз убагында жарыкка чыкса жакшы болот экен. Биз 80-жылдардын мууну, ошол жылдары адабиятка келип, жогорку окуу жайда окудук. Ошол кезде биз окуган адабият Кубат аке өзү айткандай, саман сыяктуу болчу. Биз окуган чыгармалардын көбү идеологияга сугарылган адабият болчу. Биз сыяктуу чаңкап турган муунга Кубат акенин чыгармалары аба менен суудай керек эле. Балким, биз убагында Кубат акенин чыгармаларын окуп, таасир алсак, биз дагы азыркыдан башкачараак жазуучу болот белек, ким билет?

Кыргызстан Жазуучулар Союзунун төрагасы Нурлан КАЛЫБЕКОВ:

- Кыргызда эки феномен бар. Бири Кубатбек Жусубалиев, экинчиси Рамис Рыскулов. Руханий жолдо эки эле жол бар. Эл менен аралашып, коомчулук менен чогуу жашайт, же Рамиске окшоп ролго кирип, артист болуп жашай бериш керек. Коомдо жашайсың, бирок өзүң менен өзүң жашайсың. Экинчиси, Кубат акеге окшоп баарын таштап Алайгабы, Гималайгабы, айылың кайсыл жерде болсо ошол жерге, тоонун арасына барып, шаардын ызы-чуусунан кетиш керек. Кубат аке өтө уникалдуу инсан. Азыркы чыгарма сымалдарды эмнеге салыштырууну да билбейсиң. А Кубат акенин чыгармалары Батыштын, дүйнөлүк адабияттын баарын өзүнө сиңирген. Анан Чыгышка келген. Кубат акенин "Мен акыйкатты издейм деп талаалап жүрө берипмин. Көрсө, корооңон чыкпай олтуруп эле акыйкатты таанып койсоң болот экен" деген жакшы сөзү бар. Орто кылымдарда акындарды Пайгамбарларга теңеген эмеспи. Акын Карбалас Бакировдун "жадатканда жалпы хор, жалт дей түштү анти хор" деген ыр саптары бар. Ошол сыңары бөлөктөрдүн тапталган дүйнөсүнөн качып, акыйкатты издеп кеткен касиетин мен абдан сыйлайм.

Жазуучу Топчугул ШАЙДУЛЛАЕВА:

- Мен башка көптөгөн калемдештеримдей эле сиздин чыгармалардан таасир алдым. "Муздак дубалдарды" биринчи окуганымда аябай таң калгамын. Бул китепти толук түшүнүш үчүн сөзсүз эки-үч жолу окуп чыгыш керек. Мен сиздин чыгармалардан эмнени алдым? "Муздак дубалдардагы" Кара Бак бул советтик система. Китепте метафоралар, салыштыруулар, көркөм салыштыруулар түз да, каймана да айтылган ойлор аябай көп. Аны ар ким деңгээлине жараша ар кандай түшүнө берсе болот. Анан да Кубатбек Жусубалиев түзгөн диалогдор, монологдор укмуш. Кубат аке чыгармаларында диалектикалык сөздөрдү өтө чебер колдоно билет. Мисалы, бир эле "бовойт" деген сөзүн алалы. Ушул сөздү колдонуу менен бир жакшы киши жөнүндө айтып жатат. Сиздин ар бир сөзүңүздүн артында өзүнчө бир сыр, маани жатат. Көп түрдүү ойлор биригип келген колорит бар. Ошол касиетиңизден улам биз сизге арбалып, байланып турабыз. Дагы жаңы чыгармаларды жазыңыз. Бүгүнкү доорду жазыңыз. Биз күтөбүз.

Өмүрбек ТИЛЛЕБАЕВ

Эсиңизде болсун!

УЧКУН БОЛСО ДА УЧУРУНДА САК БОЛ

Бишкек шаары боюнча үстүбүздөгү жылдын он ай ичинде эле 354 өрт кырсыгы катталып, материалдык чыгым 319 520 806 сомду түзгөн. 4 адам каза болуп, 3 адам ар кандай жаракат алып, 23 адам эвакуацияланган.

Айрыкча кыш мезгилинде аба ырайы суук болгондугуна байланыштуу өрт коркунучу жогору. Анткени, адамдар жылытуу приборлорун өз алдынча жасап алышат, электр тогу менен байланыштуу жылыткычтардын өрт коопсуздугунун эрежелерине жооп бербегендерин колдонушат жана мештердин морлорун өз убагында тазалашпайт. Андан тышкары, жарандардын этиятсыздыгы жана шалаакылыгы да буга кошумча болууда. Бул убакыттарда өрт коопсуздугу сөзсүз эске алынууга тийиш.

Мисалы, жайкысын мээ кайнаткан аптап болсо, кышкысын абанын температурасы кескин төмөндөйт. Азыркы мезгилде кыштын суук мезгилине байланыштуу, айрыкча жаңы конуштарда жайгашкан турак үйлөрдө мештер жана морлор өз убагында тазаланбагандыктан өрт коопсуздугу жогору. Колго жасалган электр жылыткычтардан, ошондой эле көп кабаттуу турак үйлөрдүн жер төлөлөрүнөн жана жылыткыч трассалардан жана люктарынан өрт чыгып, кээ бир учурларда жанында жайгашкан турак үйлөргө от жалындап, натыйжада көп материалдык чыгым алып келүүдө.

Тилекке каршы, бул эрежелер дайыма эле сактала бербейт.

Андыктан жарандарды биринчи кезекте электр тогуна этият мамиле жасоого, чылымды өчүрүп таштоого, үйдөн чыгып бара жатканда сөзсүз түрдө электр тогу менен байланышкан приборлорду өчүрүп, өрт коопсуздугун эске алуу керектигин жана этият болушун эскертебиз. Балдарга көңүл бөлүп, от менен ойнобоону түшүндүрүү зарыл. Эгер өрт кырсыгы чыкса 101 же 112 телефонуна чалып, кабарлаңыздар.

Кичинекей учкун болсо да өчүрүп сак жүрсөк, бардык кырсыктан оолак болоор элек. Ушуну эстен чыгарбооңуздарды өтүнөбүз.

Т.МУКАМАЛИЕВ,
Бишкек шаарынын Октябрь райондук ӨКБнын өрттү алдын алуу жана өрт өчүрүү бөлүмчөсүнүн башчысы, подполковник

Жагымдуу жаңылык

Баткен облустук сүрөтчүлөр союзунун төрагасы Айдарали АЙТМАТОВ:

“23 ЖЫЛДАН КИЙИН СҮРӨТЧҮЛӨРДҮН СОЮЗУН АЧТЫК”

Баткен облусунда сүрөтчүлөр союзу түзүлдү. 23 жылдан кийин биринчи жолу уюшулган бул уюмдун демилгечиси Айдарали Айтматов экендигин да адилеттүүлүк үчүн белгилеп кетели. Айтмакчы Айдарали Мамажунусович буга чейин Москвада 18 жыл көркөм сүрөт тармагында белгилүү айкелчи, сүрөтчүлөр, Г.В.Франгулян, Л.Б.Бланк сыяктуу инсандар менен иштешкен. Акыркы эки жылдан бери Апаз Жайнаков атындагы облустук драма театрында башкы сүрөтчү болуп эмгектенет. Учурдан пайдаланып жаңы төраганы сөзгө тарттык.

- Айдарали Мамажунусович жагымдуу жаңылык уктук. Кут болсун. Төрага экенсиз, кеч болсо дагы түзүлгөн союзуңуздардын иши ак жолтой болсун.

- Рахмат, биз да аябай кубанып турабыз. Чынында көп жылдардан бери ишке ашпай келген максатыбызга жетип, сүрөтчүлөрүбүздүн кубанычы койнуна батпай турат.

- Бул союзду түзүү демилгесин кантип ишке ашырдыңыздар?

- Мен Москвадан келип, таң калдым. Аймакта сүрөтчүлөр мектеп-интернаты болсо, болгондо да Бишкектеги Сүрөтчүлөр Академиясынын алдындагы абройлуу окуу жайдын бүтүрүүчүлөрү көп экен. Анан ошол коллегалар менен байланыштым. Алыскы Лейлектин Арка өрөөнүндө Сайиткул Кудайкулов деген укмуш сүрөтчүбүз бар экен. Кадамжайда, Сүлүктү, Кызыл-Кыяда ушундай мыкты коллегаларыбыз жасаган эмгектерин көрсөтө албай же көргөзмө уюшулбай ар кимибиз ар жакта өз түйшүгүбүз менен болуп калган эканбиз. Натыйжада облустун аймагындагы көркөм сүрөт өнөрпоздору менен эч кимдин иши болбой, чыгармачылык жаатта чоң боштук жаралыптыр. Акыры баарыбыз бир пикирге келип, Бишкекке барып облустун атынан Көркөм сүрөт көргөзмөсүн уюштуруп, сүрөтчүлөр союзун түзүүнүн биринчи кадамын жасадык. Бизди Кыргызстандын сүрөтчүлөр союзунун төрагасы Жакшыбек Жунушов жакшы кабыл алып колдоду. Жакшы жардам көрсөттү. Жыйынтыгында көргөзмөбүз ийгиликтүү өтүп, Баткендин 10 көркөм сүрөт чеберлери КРнын сүрөтчүлөр союзуна мүчө болду.

- Эми алдыда кандай пландарыңыздар бар?

- Эң ириде жаштарга колдоо көрсөтөбүз. Рахмат, Тургунбай Садыков агабызга. Колдоо көрсөтүп, Сүрөт мектеп интернатын ачып бергендигине. Бул бюджеттен каржыланат. Интернатта окуган окуучулар облустун ар кайсы булуң бурчтарынан мен мыкты сүрөтчү болом деп келгендер. Албетте биз сүрөтчүлөр союзу алардын талантына суу коюп, эрезеге жеткирип, андан ары Эл аралык деңгээлге биз алып чыкпасак ким алып чыкмак эле? Дагы бир сөз башка облустарда Эл сүрөтчүсү, Эмгек сиңирген сүрөтчү деген наамдарды алышкан. А бизде мыкты сүрөтчүлөр бар экенине карабастан, наамдары жок. Бул албетте ойлоно турган чоң маселе. Алдыдагы пландар жөнүндө айтсам бир эле сүрөтчүлүк, айкелчиликти эмес, зергерчилик, элдик чеберчилик, килемчилик айтор кыргыздын улуттук баалуулуктарын баарын өнүктүрөбүз. Өзүңүз билесиз Баткенде башка аймактарга окшобогон уникалдуу өзгөчөлүктөрү бар. Бир эле килемчилик менен чеберчиликтеги өзгөчөлүктөрүбүздү дүйнө эли баалап жаткан менен биз андан ары чебер кыздарыбызга, айымдарыбызга дем күч, стимул бере албай жатпайбызбы. Алар кандай гана элеттеги чоң өнөр ээлери экендигине карабастан калып калууда.

- Баткендик белгилүү сүрөтчүлөр да Сиздердин жаңы түзүлгөн сүрөтчүлөр союзуна эми колдоо көрсөтүшөөр?

- Албетте, колдоо көрсөтөт деген үмүттөбүз. Бирок, “кийиз кимдики болсо билек ошонуку” дегендей, негизи өзүбүз көп аракеттерди чыгармачылык дараметибиз менен көрсөтөбүз деген ойдомун. Сүрөтчүлөр менен жазуучулар, кол өнөрчүлөр, музыканттардын эмгектеринде халтура же элди алдоого болбойт. Баары салыштыруудан көрүнгөндөй, эмгектер жаркырап турса эч ким ага каршы шек келтире албайт. Ошондуктан, өзүбүзгө көбүрөөк ишенишибиз керек.

Адылбек АКМАТОВ

Аймактарда

ТАШКУЛ КЕРЕКСИЗОВДУН АЙКЕЛИ

Чолпон-Ата шаарындагы "Рух Ордо" этнокомплексинде мамлекеттик жана коомдук ишмер, III даражадагы "Манас" орденинин ээси, Ысык-Көлдөгү "Рух Ордо" комплексинин, "Аалам Ордо" маданий борборунун негиздөөчүсү, меценат Ташкул Керексизовдун эстелигинин ачылыш аземи болду.

Иш-чарада анын басып өткөн жолу, калтырып кеткен эмгектери эскерилди.

Ташкул Керексизов 1948-жылы Ысык-Көл облусунун Балыкчы шаарында туулган. 1972-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин "Товар изилдөө" адистигин аяктаган. 1996-жылы Кыргызстан Кооперативдер бирлигин жетектеген. 1996–1997-жылдары Талас облусун башкарган. Андан кийинки жылдарда Салык кызматын, Мамлекеттик мүлк фондун жетектеген. 2005-жылы үчүнчү чакырылыштагы парламентке депутат болуп шайланган.

2021-жылдын 7-майында 73 жашында каза болгон.

ЗОРДУК-ЗОМБУЛУК ЖАКШЫ ЖАШАГАН ҮЙ-БҮЛӨЛӨРДӨ ДА БОЛОТ

11-ноябрда Ош шаарында Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги тарабынан уюштурулган "Балдарды катаал мамиледен жана зомбулуктан коргоо: үй-бүлөнүн, коомдун жана мамлекеттин мүмкүнчүлүктөрү" улуттук форуму болуп өттү.

Аталган министрликтен билдиргендей, бул иш-чара 28-октябрда Бишкекте өткөн форумдун уландысы болуп саналат. Форумдун катышуучулары аялдарга жана балдарга карата зомбулуктун алдын алуу жана ага каршы күрөшүү боюнча тажрыйбалары тууралуу сөз кылышты. Аны менен бирге мамлекеттик органдары, жарандык коомдун өкүлдөрү, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары кызмат көрсөтүүчү мекемелер тарабынан балдарды коргоо жаатында Конституциянын ченемдерин ишке ашыруунун сапатын, ошондой эле турмуштук оор кырдаалда турган балдарды коргоого багытталган чаралардын комплексин ишке ашырууну талкуулашты.

Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министринин орун басары Жаңыл Алыбаева балдарга карата катаал мамиленин (зомбулуктун) алдын алуу боюнча ведомствонун иши жөнүндө маалымдап: "Министрликтин аймактык башкармалыктары тарабынан 2022-жылдын 9 айында 191 249 үймө-үй текшерүү жүргүзүлгөн. Мигрант ата-энелердин 75 миң 457 баласы аныкталган, алардын 59 миң 197си туугандарында, 82си үй-бүлөлүк мамилелери жок адамдар менен жашайт. Үймө-үй кыдыруу учурунда 20 бала зомбулукка (8 физикалык зомбулук, 8 сексуалдык зомбулук, 4 психологиялык зомбулук) кабылганы аныкталган. Белгилей кетчү нерсе, бала кайсы үй-бүлөдө кордолгонун билүү дайыма эле мүмкүн боло бербейт. Балдарга карата зордук-зомбулук бир эле тобокелдик тобундагы үй-бүлөлөрдө гана эмес, көп учурда жакшы жашаган үй-бүлөлөрдө да катталат", - деди.

ЖООКЕРЛЕР АНТ БЕРИШТИ

Өткөн жуманын аягында Жалал-Абад шаарындагы №704 аскер бөлүгүндө жоокерлер ант беришти.

Жалал-Абад шаардык мэриясынын маалыматына ылайык, күзгү чакырылыштагы жаш аскерлердин ант берүү аземине Жалал-Абад шаардык кеңешинин төрагасы Нуртилек Орозбаев, № 704 аскер бөлүгүнүн өздүк курамы, ардагерлер, жоокерлердин ата-энелери катышты.

Ант берүү аземинде Нуртилек Орозбаев жоокерлерге эл-жерди коргоодо, аскердик милдетти так аткарууда жана кынтыксыз кызмат өтөөдө жоопкерчилик башкы милдет экенин баса белгиледи. Ал эми ата-энелер аталган аскер бөлүктө жоокерлер үчүн жасалган бардык шарттар көңүл жылытарлык экенин айтышты. Андан соң, жаш жоокерлер тарабынан бир айлык

окутуунун жыйынтыгы менен даярдалган машыгуулар көрсөтүлдү.

Бактыгүл КУЛАТАЕВА

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2016-ЖЫЛДЫН 11-АПРЕЛИНДЕГИ №201 «КООМДУК САЛАМАТТЫК САКТОО ЖААТЫНДАГЫ АКТЫЛАРДЫ БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ» ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

«Коомдук саламаттык сактоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22^1-беренесин ишке ашыруу максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги №201 «Коомдук саламаттык сактоо жаатындагы актыларды бекитүү жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Дарылоо-алдын алуу уюмдарына карата санитардык-эпидемиологиялык талаптар» санитардык-эпидемиологиялык эрежелеринде жана ченемдеринде:

- 9-пункттагы «, анын ичинде кургак учук» деген сөздөр алып салынсын;
- 10-пункттагы «анын ичинде кургак учук,» деген сөздөр алып салынсын;
- 11-пункттагы «кургак учукка каршы бөлүмдөрүнөн» деген сөздөр «аба аркылуу жугуучу инфекциялар менен ооруган бейтаптарды госпитализациялоо үчүн бөлүмдөрдөн» деген сөздөр менен алмаштырылсын;
- 12-пункттагы «кургак учук,» деген сөздөр алып салынсын;
- 25-пункттун бешинчи абзацындагы «жана фтизиатриялык» деген сөздөр алып салынсын;
- 39-пункттун биринчи абзацындагы «жана кургак учук» деген сөздөр алып салынсын;
- 52-пункттагы «, анын ичинде кургак учук» деген сөздөр алып салынсын, «кургак учукка карата какырыкты» деген сөздөр «биологиялык материалдарды» деген сөздөр менен алмаштырылсын;
- 119-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«119. Кургак учук профилиндеги медициналык уюмдарды кайра профилдештирүүгө акыркы бейтап чыгарылгандан кийин бардык жайларды ультракөгүш лампалары менен зыянсыздандыруудан, желдетүүдөн, дезинфекциялоодон кийин жол берилет.»;

- 121-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«121. Кургак учук стационарында дарыга туруктуулугу бар козгогучтан пайда болгон, бактериологиялык жактан ырасталган өпкөнүн кургак учугу менен ооруган бейтаптар үчүн бокталган палаталардын болушун кароо зарыл.»;

- 123, 124-пункттардагы «көптөгөн» деген сөз алып салынсын;
- 125-пункт күчүн жоготту деп таанылсын;
- 156-пункт төмөнкүдөй мазмундагы төртүнчү сүйлөм менен толукталсын: «Инфекциялык ооруканалардагы гемодиализ жүргүзүү үчүн жайлар оорулуулар үчүн бокстар менен чектеш жайгаштырылышы керек.»;
- 158-пункт «реанимация» деген сөздөн кийин «, терапевттик» деген сөз менен толукталсын;
- 159-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«159. Гемодиализди алуунун алдында бейтаптар гемоконтакттык вирустук инфекцияга (гепатит В, С жана ВИЧке) текшерилүүгө тийиш. Инфекциялык оорунун өнөкөт түрү менен ооруган программалык гемодиализдеги бейтаптар, ошондой эле гемоконтакттык вирустук инфекциялардын маркерлерине текшерүүнүн жыйынтыгы оң болгон адамдар үчүн өзүнчө зона же өзүнчө зал жана жабдуулар каралышы керек.

Гемокантакттык вирустук инфекциялар менен ооругандар үчүн диализ залында инфекциялык оорулуулар үчүн диализ залында иштөөгө өзүнчө медициналык айымды бөлүп берүү менен 3төн ашпаган диализ орундары уюштурулушу мүмкүн.»;

- 161-пункттагы «Ууланууну» деген сөз «Кандын уулануусун» деген сөздөр менен алмаштырылсын, «кабинетинин шарттарында» деген сөздөрдөн кийин «же гемодиализ залдарында» деген сөздөр менен толукталсын;
- төмөнкүдөй мазмундагы 161^1-161^5-пункттар менен толукталсын:

«161^1. Сууну даярдоо, диализ концентраттарын даярдоо жана сактоо, диализ концентраттарын даярдоо үчүн ингредиенттерди сактоо үчүн жайлар бири-биринен изоляцияланган түрдө жайгаштырылат. Бардык жайлар тартып-соруп чыгаруучу желдеткич менен жабдылат.

Диализ залдарында, сууну даярдоо жана диализ аппараттарын оңдоо жайларында тазаланган сууну үзгүлтүксүз берүү жана иштетилген диализдик аралашманы агызуу үчүн сууну агызуучу система каралат.

Чыгымдалуучу материалдарды (туздарды, аралашмаларды) сактоо өндүрүүчүнүн нускамаларына ылайык жүргүзүлөт.

161^2. Гемодиализ үчүн суунун коопсуздугу анын ушул Санитардык эрежелердин 9-тиркемесинде белгиленген гемодиализ үчүн суунун микробиологиялык жана физика-химиялык көрсөткүчтөрү боюнча талаптарга ылайык келиши менен аныкталат.

Гемодиализ үчүн суунун коопсуздугун контролдоо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык улуттук аккредитациялоо системасында аккредитацияланган сыноо лабораторияларын тартуу менен өндүрүштүк контроль жүргүзүүнүн алкагында 6 айда 1 жолудан кем эмес текшерилет.

Гемодиализ үчүн суунун сапатын өндүрүштүк контролдоо гемодиализ жабдууларын эксплуатациялоочу юридикалык жак тарабынан жүзөгө ашырылат.

Суунун сапаты суу алуучу жерлерде, сууну тазалоо системасынан өткөндөн кийин жана гемодиализ аппаратына киргенге чейин контролдонот.

161^3. Диализ жүргүзүүнүн алдында бир жолу пайдаланылуучу буюмдардын (диализатор, колонка, кан үчүн контейнер, магистралдар) жарактуулук мөөнөтү текшерилет, ошондой эле керектөө тарасынын бүтүндүгүнө ынануу керек. Стерилдүүлүгүн бузган керектөө тарасы бузулган бир жолу пайдаланылуучу буюм колдонулбайт.

Процедура учурунда дезинфекциядан жана стерилизациядан өтпөгөн жабдуулар, аппараттар жана приборлор колдонулбайт.

161^4. Аппараттын магистралдарына оорулуунун кан тамырларын туташтыруу асептикалык шарттарда жүргүзүлөт. Ар бир диализ процедурасын жүргүзүүдө пункция зонасынын контаминациясын алдын алуу үчүн стерилдүү клеенкаларды, жалаяктарды пайдалануу зарыл.

161^5. Диализ залындагы керебеттин матрасы ага кандын, башка биологиялык суюктуктардын агуусунан клеенка, башка суу өткөрбөй турган каптоолор менен корголушу керек. Ар бир диализ процедурасынан кийин керебеттеги (кресло-кребеттер) шейшептер алмаштырылышы зарыл. Чыканак астына коюлуучу сүлгүлөр үчүн кагаз түрүндөгү сүлгүнү пайдалануу жол берилбейт. Бир жолу пайдалануу үчүн көп жолу колдонулуучу чыканак астына коюлуучу сүлгү пайдаланылышы мүмкүн.»;

- 163-пункттагы «, кургак учук» деген сөздөр алып салынсын;
- 173-пункттагы «кургак учук,» деген сөздөр алып салынсын;
- 224-пункттун экинчи сүйлөмү алып салынсын;
- жогоруда аталган Санитардык-эпидемиологиялык эрежелердин 1-тиркемесинде:

91-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"

91	Өнөкөт диализ процедураларын жүргүзүү үчүн кезметчи медициналык айымдын посту менен диализ залы:	14,0	
	диализ залы	2 жана андан ашык диализ орду болгондо ар бир диализ ордуна 1 0,0дон кем эмес	
	кезметчи медициналык айымдын посту	4,0дон кем эмес (1 кезметчи медициналык айымдын постуна 5ке чейин диализ орду)	
	курч диализ процедураларын жүргүзүү үчүн кезметчи медициналык айымдын посту менен диализ залы (чоңдор үчүн)	ар бир диализ ордуна 14,0 (1 кезметчи медициналык айымдын постуна 3кө чейин диализ орду)	
	курч диализ процедураларын жүргүзүү үчүн кезметчи медициналык айымдын посту менен диализ залы (14 жашка чейинкилерди кошкондогу балдар үчүн)	ар бир диализ ордуна 14,0 (ар бир диализ ордуна кезметчи медициналык айымдын посту)	
	гемокантакттык вирустук инфекциялар менен ооругандар үчүн процедураларын жүргүзүү үчүн кезметчи медициналык айымдын посту менен диализ залы	ар бир диализ ордуна 14,0 (1 кезметчи медициналык айымдын постуна 3кө чейин диализ орду)	

";

92-пункттагы «10,0» деген цифралар «ченемделбейт» деген сөз менен алмаштырылсын;

93-пункттагы «ар бир диализ ордуна 2,0, бирок 8,0дон кем эмес» деген сөздөр «ченемделбейт» деген сөз менен алмаштырылсын;

94-пункттагы «ар бир диализ ордуна 1,5, бирок 8,0дон кем эмес» деген сөздөр «ченемделбейт» деген сөз менен алмаштырылсын;

95-пункттагы «12,0» деген цифралар «ченемделбейт» деген сөз менен алмаштырылсын;

108, 131, 150, 163, 173, 217-пункттар «Ажаткана» деген сөздөн кийин «кол жуугучу бар» деген сөздөр менен толукталсын;

бул токтомдун тиркемесине ылайык редакциядагы 9-тиркеме менен толукталсын.

2. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ

Бишкек шаары, 2022-жылдын 4-ноябры, №599

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2011-ЖЫЛДЫН 6-ОКТЯБРЫНДАГЫ №618 "БИРДИКТҮҮ ШЫР БАЙЛАНЫШ" ТУРУКТУУ ИШТӨӨЧҮ КЫЗМАТЫ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ, КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКСТРЕНДИК ОПЕРАТИВДИК КЫЗМАТТАРЫНЫН ЖАНА МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРЫНЫН ТИЗМЕСИН БЕКИТҮҮ ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨЗГӨЧӨ КЫРДААЛДАР МИНИСТРЛИГИНИН АЛДЫНДАГЫ КРИЗИСТИК КЫРДААЛДАРДА БАШКАРУУ БОРБОРУНУН БАЗАСЫНДАГЫ 112 – БИРДИКТҮҮ МАМЛЕКЕТТИК НӨӨМӨТТҮК-ДИСПЕТЧЕРДИК ОПЕРАТИВДҮҮ КЫЗМАТТЫ ЧАКЫРУУНУ КАМСЫЗДОО СИСТЕМАСЫН ТҮЗҮҮ КОНЦЕПЦИЯСЫН ЖАКТЫРУУ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Айлана-чөйрөнү коргоо чөйрөсүндөгү кырдаалга мониторинг жүргүзүү жана терс жагдайга ыкчам таасир этүү максатында, "Электр жана почта байланышы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9^2-статьясына, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 6-октябрындагы №618 "Бирдиктүү шыр байланыш" туруктуу иштөөчү кызматы жөнүндө жобону, Кыргыз Республикасынын экстрендик оперативдик кызматтарынын жана мамлекеттик органдарынын тизмесин бекитүү жана Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин алдындагы Кризистик кырдаалдарда башкаруу борборунун базасындагы 112 - бирдиктүү мамлекеттик нөөмөттүк-диспетчердик оперативдүү кызматты чакырууну камсыздоо системасын түзүү концепциясын жактыруу жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда аталган токтом менен бекитилген "Бирдиктүү шыр байланыш" туруктуу иштөөчү кызматы жөнүндө жободо:

- 4-пункту төмөнкүдөй мазмундагы жыйырма төртүнчү абзац менен толукталсын:

"- айлана-чөйрөнү коргоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарды бузуу фактылары.";

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген 112 - бирдиктүү мамлекеттик нөөмөттүк-диспетчердик кызматтын экстрендик кызматтарды чакыруу системасына кирген, Кыргыз Республикасынын экстрендик оперативдүү кызматтарынын жана мамлекеттик органдарынын тизмеси:

- төмөнкүдөй мазмундагы 11-пункт менен толукталсын:

"

11	108	Айлана-чөйрөнү коргоо боюнча шыр байланыш	Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги

".

2. Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу Байланыш тармагында жөнгө салуу жана көзөмөлдөө боюнча кызматы Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин шыр байланышын иштетүү үчүн "108" телефон номерин Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине бөлүп берсин.

3. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ

Бишкек шаары, 2022-жылдын 4-ноябры, №602

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН СОЦИАЛДЫК ФОНДУНУН БЮДЖЕТИН ТҮЗҮҮ ЖАНА АТКАРУУ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 94, 118-беренелерин ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджетин түзүү жана аткаруу жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ

Бишкек шаары, 2022-жылдын 4-ноябры, №603

МАМЛЕКЕТТИК СОЦИАЛДЫК ЗАКАЗДЫН МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

"Мамлекеттик социалдык заказ жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруунун алкагында калкка кызматтарды уюштуруу жана көрсөтүү системасын өркүндөтүү максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Төмөнкүлөр бекитилсин:

- Мамлекеттик социалдык заказдын алкагында коомдук пайдалуу долбоорлордун конкурсун өткөрүү тартиби жөнүндө жобо 1-тиркемеге ылайык;
- Социалдык талондор (ваучерлер) аркылуу социалдык кызматтарды көрсөтүү жөнүндө жобо 2-тиркемеге ылайык.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 15-декабрындагы №814 "Мамлекеттик социалдык заказдын маселелери жөнүндө" токтому күчүн жоготту деп таанылсын.

3. Министрликтер жана административдик ведомстволор, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары бул токтомду ишке ашыруу боюнча зарыл болгон чараларды көрсүн.

4. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

5. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ

Бишкек шаары, 2022-жылдын 4-ноябры, №604

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ФИНАНСЫ МИНИСТРЛИГИНИН САНАРИПТИК КАЗЫНАЛЫК МИЛДЕТТЕНМЕЛЕРИН ЧЫГАРУУ ЖАНА ПАЙДАЛАНУУ ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү берүүчүлөрдүн алдындагы кредиторлук карызын тындырууну камсыз кылуу максатында, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 60-беренесине, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин санариптик казыналык милдеттенмелерин чыгаруу жана пайдалануу тартиби жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы **А.ЖАПАРОВ**

Бишкек шаары, 2022-жылдын 4-ноябры, №606

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2017-ЖЫЛДЫН 18-АВГУСТУНДАГЫ №517 "ЖЕР КАЗЫНАСЫН ПАЙДАЛАНУУ ПРОЦЕССИНДЕ БУЗУЛГАН ЖЕРЛЕРДИ РЕКУЛЬТИВАЦИЯЛОО ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Рекультивациялык эсептин каражаттарын пайдалануунун ачыктыгын жана натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 18-августундагы №517 "Жер казынасын пайдалануу процессинде бузулган жерлерди рекультивациялоо жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Жер казынасын пайдалануу процессинде бузулган жерлерди рекультивациялоо жөнүндө жободо:

- 4^1-пункттун экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Мында рекультивация боюнча иш-чараларды өткөрүү максатында ыйгарым укуктуу органдардын талабы боюнча банктар бир жолку төлөмдөрдү камсыз кылууга милдеттүү.".

2. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы **А.ЖАПАРОВ**

Бишкек шаары, 2022-жылдын 4-ноябры, №607

2022-ЖЫЛДЫН 9-ИЮНУНДА БИШКЕК ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ МЕНЕН ТҮРКИЯ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ОРТОСУНДАГЫ БАЖЫ ЧЕК АРАСЫ АРКЫЛУУ ӨТКӨРҮЛҮҮЧҮ ТОВАРЛАР ЖАНА ТРАНСПОРТ КАРАЖАТТАРЫ ЖӨНҮНДӨ АЛДЫН АЛА МААЛЫМАТ АЛМАШУУ ТУУРАЛУУ ПРОТОКОЛДУ ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ МЕНЕН ТҮРКИЯ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ОРТОСУНДАГЫ ӨЗ АРА СООДАДА БАЖЫ ОПЕРАЦИЯЛАРЫН ЖҮРГҮЗҮҮНҮН ЖӨНӨКӨЙЛӨТҮЛГӨН ТАРТИБИН УЮШТУРУУ ЖӨНҮНДӨ ("ЖӨНӨКӨЙЛӨТҮЛГӨН БАЖЫ КОРИДОР") ПРОТОКОЛДУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Мамлекеттик ички жол-жоболорду аткаруу максатында, "Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Төмөнкү мамлекеттик тилде тиркелгендер бекитилсин:

- 2022-жылдын 9-июнунда Бишкек шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен Түркия Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы Бажы чек арасы аркылуу өткөрүлүүчү товарлар жана транспорт каражаттары жөнүндө алдын ала маалымат алмашуу тууралуу протокол;
- 2022-жылдын 9-июнунда Бишкек шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен Түркия Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы Өз ара соодада бажы операцияларын жүргүзүүнүн жөнөкөйлөтүлгөн тартибин уюштуруу жөнүндө ("Жөнөкөйлөтүлгөн бажы коридор") протокол.

2. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы жогоруда көрсөтүлгөн протоколдордун аткарылышы үчүн жооптуу орган болуп аныктелсин.

3. Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги жогоруда көрсөтүлгөн протоколдордун күчүнө кирүүсү үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылгандыгы жөнүндө түркия тарапка кабарласын.

4. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети жумуш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы **А.ЖАПАРОВ**

Бишкек шаары, 2022-жылдын 4-ноябры, №608

ТАМЕКИГЕ ЖАНА НИКОТИН КАМТЫГАН ПРОДУКЦИЯГА МИНИМАЛДУУ ЧЕКЕНЕ БААЛАРДЫ БЕЛГИЛӨӨ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Республикалык бюджеттин киреше бөлүгүн көбөйтүү, тамеки жана никотин камтыган продукцияны керектөөнү кыскартуу, калктын саламаттыгын чыңдоо максатында, «Кыргыз Республикасынын жарандарынын ден соолугун тамекини, никотинди керектөөнүн кесепеттеринен жана айланадагы тамеки түтүнүнүн жана аэрозолдун таасиринен коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 12-беренесине, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Төмөнкүлөргө минималдуу чекене баалар белгиленсин:

1) ТЭИ ТН 2402 коду менен классификацияланган чыпкалуу сигареттер жана чыпкасыз сигареттер төмөнкүдөй өлчөмдөрдө:

Мезгил	20 (жыйырма) даана тамеки үчүн
2023-жылдын 1-январынан тартып	100 сом

2) ТЭИ ТН 2404 коду менен классификацияланган цилиндр формасындагы ысытуучу тамекиси бар заттар (ысытуучу тамеки таякчасы (стик), тамекиси бар ысытуучу капсула) төмөнкүдөй өлчөмдөрдө:

Мезгил	20 (жыйырма) даана ысытуучу тамекиси бар заттар үчүн
2023-жылдын 1-январынан тартып	100 сом

3) ТЭИ ТН 2404 коду менен классификацияланган бир корпустагы никотин суюктугу бар никотинди жеткирүүнүн бир жолку колдонулуучу электрондук системасы төмөнкүдөй өлчөмдөрдө:

Мезгил	Бирдик үчүн
2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейин кошо алганда	250 сом
2024-жылдын 1-январынан тартып	300 сом

4) ТЭИ ТН 8543 40 000 0 коду менен классификацияланган электрондук сигареттер жана буга окшош жеке электр буулантуучу түзүлүштөр (никотин жеткирүүнүн электрондук системасы), төмөнкүдөй өлчөмдөрдө:

Мезгил	Бирдик үчүн
2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейин кошо алганда	1 300 сом
2024-жылдын 1-январынан тартып	1 400 сом

2. Тамекиге жана никотин камтыган продукцияга белгиленген минималдуу чекене баалардын сакталышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматына жүктөлсүн.

3. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

4. Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 13-декабрындагы №668 «Чыпкалуу сигареттерге жана чыпкасыз сигареттерге минималдык чекене баларды белгилөө жөнүндө» токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 21-ноябрындагы №763 «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 13-декабрындагы №668 «Чыпкалуу сигареттерге жана чыпкасыз сигареттерге минималдык чекене баларды белгилөө жөнүндө» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» токтому.

5. Бул токтом 2023-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирет жана расмий жарыялануу тийиш.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы **А.ЖАПАРОВ**

Бишкек шаары, 2022-жылдын 4-ноябры, №609

2022-ЖЫЛДЫН 14-17-СЕНТЯБРЫНДАГЫ БАТКЕН ЖАНА ОШ ОБЛУСТАРЫНДА МАМЛЕКЕТТИК ЧЕК АРАНЫН КЫРГЫЗ-ТАЖИК УЧАСТОГУНДАГЫ ОКУЯЛАРДЫН КЕСЕПЕТИНЕН ЖАБЫР ТАРТКАН САЛЫК ТӨЛӨӨЧҮЛӨРГӨ МАМЛЕКЕТТИК КОЛДОО КӨРСӨТҮҮ ЧАРАЛАРЫ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин "Баткен жана Ош облустарынын административдик-аймактык бирдиктерин калыбына келтирүү жана өнүктүрүү боюнча биринчи кезектеги чаралар жөнүндө" Жарлыгын ишке ашыруу, 2022-жылдын 14-17-сентябрында Баткен жана Ош облустарында мамлекеттик чек аранын кыргыз-тажик участогундагы окуялардын кесепетинен жабыр тарткан салык төлөөчүлөргө мамлекеттик колдоо көрсөтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 34-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. 2022-жылдын 14-17-сентябрындагы Баткен жана Ош облустарында мамлекеттик чек аранын кыргыз-тажик участогунда болгон окуялар “ал жеткис күчтүн жагдайлары” аныктамасына туура келген өзгөчө жагдайлар деп таанылсын.

2. 2022-жылдын 1-сентябрынан тартып 2024-жылдын 1-январына чейинки мезгилде 2022-жылдын 14-17-сентябрында жабыр тарткан, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар тарабынан түзүлгөн ведомстволор аралык топтор тарабынан аныкталган жана ырасталган, өз ишин Баткен жана Ош облустарында мамлекеттик чек аранын кыргыз-тажик участогунда жайгашкан чек арага жакын калктуу конуштарда жүзөгө ашырган Ишкерлердин тизмесине киргизилген (күйүүчү-майлоочу материалдарды сатуу, тоо-кен ишин жана резидент эместерди кошпогондо) ишкердик субъекттери үчүн салыктардын ставкалары (КНСти кошпогондо) төмөнкүдөй өлчөмдөрдө белгиленсин:

- киреше салыгы - 0%;
- пайдага салык - 0%;
- сатуудан салык - 0%;
- патенттин негизинде салык - 0 сом;
- бирдиктүү салык - 0%.

3. 2022-жылдын 1-сентябрынан тартып 2024-жылдын 1-январына чейинки мөөнөткө жергиликтүү мамлекеттик администрациялар тарабынан түзүлгөн ведомстволор аралык топтор тарабынан аныкталган жана ырасталган, өз ишин Баткен жана Ош облустарында мамлекеттик чек аранын кыргыз-тажик участогунда жайгашкан чек арага жакын калктуу конуштарда жүзөгө ашырган Ишкерлердин тизмесине киргизилген (күйүүчү-майлоочу материалдарды сатуу, тоо-кен ишин жана резидент эместерди кошпогондо) жеке ишкерлер камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөдөн бошотулсун.

4. Ушул токтомдун 2-пунктунда көрсөтүлгөн салык төлөөчүлөр 2022-жылдын 1-октябрынан тартып 2023-жылдын 1-мартына чейинки мезгилде банктык кепилдикти көрсөтпөстөн салык карызынын суммасы боюнча жана камсыздандыруу төгүмдөрү, туумдар жана айыптар боюнча карыздарды кийинкиге жылдыруу же бөлүп төлөө жөнүндө арызын бере алат деп белгиленсин.

5. Ушул токтомдун 2-пунктунда көрсөтүлгөн салык төлөөчүлөр 2023-жылдын 1-мартына чейин жазуу жүзүндөгү арызсыз төмөнкүлөрдү берүүгө укуктуу деп белгиленсин:

1) Евразия экономикалык бирлигине мүчө мамлекеттердин аймактарынан товарларды Кыргыз Республикасынын аймагына импорттоодо кыйыр салыктар боюнча салыктык отчёттуулукту кошпогондо, 2022-жылдын 1-сентябрынан 2023-жылдын 1-мартына чейинки мезгил үчүн түзүлүүчү салыктык отчёттуулукту;

2) 2022-жылдын 1-сентябрынан тартып 2023-жылдын 1-мартына чейинки мезгил үчүн мамлекеттик социалдык камсыздандыруу каражаттары боюнча отчёттуулукту.

6. Ушул токтомдун 2-5-пункттарынын ченемдери ушул токтомдун 2-пунктунда көрсөтүлгөн, 2022-жылдын 1-сентябрына чейин салык кызматы жана социалдык камсыздандыруу органдарында катталган субъекттерге жайылтылат жана 2022-жылдын 14-17-сентябрындагы Баткен жана Ош облустарында мамлекеттик чек аранын кыргыз-тажик участогундагы окуялардын кесепетинен жабыр тарткан калктуу конуштардын аймактарынан тышкары жайгашкан алардын филиалдарына жана башка түзүмдүк бөлүмдөрүнө жайылтылбайт деп белгиленсин.

7. Жергиликтүү кеңештерге жергиликтүү мамлекеттик администрациялар тарабынан түзүлгөн ведомстволор аралык топтор тарабынан аныкталган жана ырасталган, 2022-жылдын 14-17-сентябрындагы Баткен жана Ош облустарында мамлекеттик чек аранын кыргыз-тажик участогундагы окуялардын кесепетинен жабыр тарткан Ишкерлердин тизмесине киргизилген салык төлөөчүлөрдү жер салыгын жана мүлк салыгын төлөөдөн бошотуу сунушталсын.

8. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун кирешелеринин жоготууларынын ордун толтуруу үчүн зарыл болгон каражатты карасын.

9. Бул токтом расмий жарыялануу тийиш жана 2022-жылдын 1-сентябрынан тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы **А.ЖАПАРОВ**

Бишкек шаары, 2022-жылдын 4-ноябры, №610

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2011-ЖЫЛДЫН 12-АПРЕЛИНДЕГИ №155 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ КАТЫШУУЧУ БОЛУП ЭСЕПТЕЛГЕН ЭЛ АРАЛЫК КЕЛИШИМДЕРДИН ЖАНА БАШКА МАКУЛДАШУУЛАРДЫН САЛЫКТАРДЫ, АЛЫМДАРДЫ ЖАНА БАШКА ТӨЛӨМДӨРДҮ ТӨЛӨӨДӨН БОШОТУУ БӨЛҮГҮН ИШКЕ АШЫРУУНУН ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин салыктарды, алымдарды жана башка төлөмдөрдү төлөөдөн бошотуу бөлүгүн ишке ашыруу тартибин оптималдаштыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 12-апрелиндеги №155 "Кыргыз Республикасы катышуучу болуп эсептелген эл аралык келишимдердин жана башка макулдашуулардын салыктарды, алымдарды жана башка төлөмдөрдү төлөөдөн бошотуу бөлүгүн ишке ашыруунун тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасы катышуучу болуп эсептелген эл аралык келишимдердин жана башка макулдашуулардын салыктарды, алымдарды жана башка төлөмдөрдү төлөөдөн бошотуу бөлүгүн ишке ашыруунун тартиби жөнүндө жободо:

- 2-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"2. Эл аралык келишимдер жана башка макулдашуулар менен жөнгө салынуучу салыктарды, алымдарды жана башка төлөмдөрдү төлөөдөн бошотуу республиканын салык органдарында каттоодо эл аралык уюмдарга, башкы подрядчиктерге, ошондой эле эл аралык келишимдерди жана башка макулдашууларды ишке ашыруунун алкагында түзүлгөн келишимдер боюнча иш жүргүзгөн долбоорлорду ишке ашыруу бөлүмдөрүнө колдонулат.";

- 4-пункттагы "чарбакер субъекттердин (уюмдардын, башкы подрядчиктердин)" деген сөздөр алып салынсын;

- 5-пунктта:

1-пунктча төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"1) жеткирүү үчүн тиешелүү келишимдер жана контракттар болгон учурда, Кыргыз Республикасынын аймагында субподряд уюмдарынын товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү эл аралык уюмдарга, башкы подрядчиктерге, ошондой эле долбоорлорду ишке ашыруу бөлүмдөрүнө, эл аралык консультанттарга жеткирүүсү кошумча нарк салыгын (мындан ары - КНС) жана сатуудан салыкты төлөөдөн бошотулат;";

2 жана 3-пунктчалар "товарлар" деген сөздөн кийин "эл аралык" деген сөздөр менен толукталсын;

- 7-пункт "аларды" деген сөздөн кийин "эл аралык уюмдарга," деген сөздөр менен толукталсын;

- 9-пунктта:

биринчи абзац жана 1-пунктча төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"9. Долбоорлорду ишке ашырууга жооптуу мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана мамлекеттик ишканалар салык жана бажы саясатын жүргүзүү боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга төмөнкүлөрдү берүүгө тийиш:

1) долбоорлорду ишке ашырууга катышкан юридикалык жактардын тизмесин (тендерди утуп алган башкы подрядчиктер), ошондой эле долбоорлордун колдонуу мөөнөттөрү жөнүндө маалыматты;";

экинчи абзац "мамлекеттик органдар" деген сөздөрдөн кийин ", жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана мамлекеттик ишканалар" деген сөздөр менен толукталсын;

- 10-пунктта:

1-пунктчадагы "финансы уюмдары" деген сөздөр "уюмдар" деген сөз менен алмаштырылсын;

2-пунктчадагы "долбоорду ишке ашыруунун бүткүл мөөнөтүнө" деген сөздөр "долбоорго" деген сөз менен алмаштырылсын.

2. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ

Бишкек шаары, 2022-жылдын 4-ноябры, №611

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ОШ ОБЛУСУНУН КАРА-СУУ РАЙОНУНУН КЫЗЫЛ-КЫШТАК АЙЫЛ АЙМАГЫНДА ЖАЙГАШКАН ЖЕРЛЕРДИ "АЙЫЛ ЧАРБА БАГЫТЫНДАГЫ ЖЕРЛЕР" КАТЕГОРИЯСЫНАН "ӨНӨР ЖАЙЫНЫН, ТРАНСПОРТТУН, БАЙЛАНЫШТЫН, ЭНЕРГЕТИКАНЫН, КОРГОНУУНУН ЖЕРЛЕРИ ЖАНА БАШКА БАГЫТТАГЫ ЖЕРЛЕР" КАТЕГОРИЯСЫНА КОТОРУУ (ТРАНСФОРМАЦИЯЛОО) ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Ош облусунун Кара-Суу районунун Кызыл-Кыштак айыл аймагында логистикалык борбор куруу максатында, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 20-статьясына, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине, "Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Ош облусунун Кара-Суу районунун мамлекеттик администрациясынын 2021-жылдын 8-апрелиндеги №4 токтомун жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2022-жылдын 18-октябрындагы №01-39/1502 корутундусун эске алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Ош облусунун Кара-Суу районунун Кызыл-Кыштак айыл аймагындагы №1019 контурунда жайгашкан, Маткасымов Азизбек Бекмаматовичтин жеке менчигиндеги 0,60 га сугат айдоо жерлер логистикалык борбор куруу үчүн "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынан "Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер" категориясына которулсун (трансформациялансын).

2. Кыргыз Республикасынын Ош облусунун Кара-Суу районунун мамлекеттик администрациясы төмөнкүлөрдү камсыз кылсын:

- жерлерди эсепке алуучу документтерге тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү;

- ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жерлердин шаар куруу документтерин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык иштеп чыгууну жана бекитүүнү;

- ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жерлерди максаттуу пайдалануну;

- "Сулайман-Тоо" тоосунун өзгөчө корголуучу табигый аймактарын пайдалануунун өзгөчө укуктук тартибин сактоону;

- айыл чарба өндүрүшүнүн жоготууларынын жана алынбай калган пайданын суммасын төлөөнү.

3. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

4. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ

Бишкек шаары, 2022-жылдын 4-ноябры, №612

ӨЛЧӨӨ БИРДИКТҮҮЛҮГҮН КАМСЫЗ КЫЛУУ ЖААТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ЖАНА МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН АЙРЫМ ЧЕЧИМДЕРИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Өлчөө бирдиктүүлүгүн камсыз кылуу чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин "Өлчөө бирдиктүүлүгүн камсыз кылуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык келтирүү максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 2-сентябрындагы №446 "Өлчөө бирдиктүүлүгүн камсыз кылуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу чаралары тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасында өлчөө каражаттарына текшерүү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө жободо:

- жогоруда аталган Жобонун 1-тиркемеси бул токтомдун тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 10-сентябрындагы №464 "Өлчөө каражаттарынын тибин бекитүү жана (же) өлчөө каражаттарын текшерүү максатында юридикалык жактарга өлчөө каражаттарына сыноо жүргүзүүгө жана (же) стандарттык үлгүлөрдү аттестациялоого укук берүүнүн жана укукту кайра алып коюунун тартибин бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Өлчөө каражаттарынын тибин бекитүү жана (же) өлчөө каражаттарын текшерүү максатында юридикалык жактарга өлчөө каражаттарына сыноо жүргүзүүгө жана (же) стандарттык үлгүлөрдү аттестациялоого укук берүүнүн жана укукту кайра алып коюунун тартибинде:

- 21-пункттагы "1 жылдык" деген сөздөр "2 жылдык" деген сөздөр менен алмаштырылсын.

3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-декабрындагы №614 "Өлчөө каражаттарынын, стандарттык үлгүлөрдүн тибин бекитүү, бирден нускада же чакан партиялар менен Кыргыз Республикасында даярдалган же импорт боюнча ташып келинген өлчөө каражаттарын каттоо, өлчөө каражаттарынын жана стандарттык үлгүлөрдүн тибин бекитүү белгисин колдонуу тартиби жөнүндө жобону жана Кыргыз Республикасынын өлчөө каражаттарынын жана стандарттык үлгүлөрдүн мамлекеттик реестрин жүргүзүү тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Өлчөө каражаттарынын, стандарттык үлгүлөрдүн тибин бекитүү, бирден нускада же чакан партиялар менен Кыргыз Республикасында даярдалган же импорт боюнча ташып келинген өлчөө каражаттарын каттоо, өлчөө каражаттарынын жана стандарттык үлгүлөрдүн тибин бекитүү белгисин колдонуу тартиби жөнүндө жободо:

- 9-пункттагы "Өкмөтү" деген сөз "Министрлер Кабинети" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын өлчөө каражаттарынын жана стандарттык үлгүлөрдүн мамлекеттик реестрин жүргүзүү тартиби жөнүндө жободо:

- 8-пункттагы "Өкмөтү" деген сөз "Министрлер Кабинети" деген сөздөр менен алмаштырылсын.

4. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 10-декабрындагы №300 "Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин ведомстволук бөлүмдөрүнүн жана уюмдарынын маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Стандартташтыруу жана метрология борбору жөнүндө жободо:

12-пункттун 2-пунктчасынын жетинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"- өлчөө бирдиктүүлүгүн камсыздоо жаатында маалыматтык фондду жүргүзүү;".

5. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ

Бишкек шаары, 2022-жылдын 4-ноябры, №613

"КЫРГЫЗ ПОЧТАСЫ" АЧЫК АКЦИОНЕРДИК КООМУНДА АКЦИОНЕР (КАТЫШУУЧУ) КАТАРЫ ЧЫГУУ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫН ИШКЕ АШЫРУУ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

"Кыргыз почтасы" ачык акционердик коомунун ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. "Кыргыз почтасы" ачык акционердик коомунда акционер (катышуучу) катары чыгуу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин ыйгарым укуктары Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонддон Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине өткөрүп берилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлиги Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонд менен биргеликте ушул токтомдон келип чыгуучу чараларды көрсүн.

3. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

4. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ

Бишкек шаары, 2022-жылдын 4-ноябры, №614

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2014-ЖЫЛДЫН 15-СЕНТЯБРЫНДАГЫ №530 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН АЙРЫМ ЧЕНЕМ ЖАРАТУУ ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫН МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРГА ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУНУН АТКАРУУЧУ ОРГАНДАРЫНА ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

"Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 15-сентябрындагы №530 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтомдун 1-тиркемеси төмөнкүдөй мазмундагы 35-пункт менен толукталсын:

"35. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы Кыргыз Республикасында Евразия экономикалык бирлигинин бажы чек арасы аркылуу жеке жактар тарабынан ташып өткөрүлүүчү товарларды жеке пайдалануу үчүн товарларга киргизүү критерийлерин белгилөө боюнча.".

2. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ

Бишкек шаары, 2022-жылдын 4-ноябры, №615

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТРАНСПОРТ ЖАНА КОММУНИКАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИНИН

БУЙРУГУ

«1970-жылдын 1-июлундагы Женева ш. түзүлгөн Эл аралык автомобилдик ташууларды жүргүзүүчү транспорт каражаттарынын экипаждарынын ишине тиешелүү Европа макулдашуусуна (ТКЕМ), Кыргыз Республикасынын кошулуусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын «Автомобиль транспорту жөнүндө» Мыйзамынын 7-беренесине ылайык жана Европа макулдашуусунун талаптарын аткаруу максатында, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 15-сентябрындагы №530 «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө» токтомун жетекчиликке алып, **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын территориясында санариптик тахографтар системасында ачкычтарды, сертификаттарды жана жабдууларды башкаруу боюнча жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу Жер үстүндөгү транспорту департаменти Кыргыз Республикасынын территориясында санариптик тахографтар системасында ачкычтарды, сертификаттарды жана жабдууларды башкаруу боюнча жобону кызыкдар тараптарга жеткирсин.

3. Пресс-катчы К.Досумбетовго бул буйрукту каттоодон өткөн күндөн тартып үч күндүн ичинде "Эркин-Тоо" гезитине, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин веб-сайтына, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин веб-сайтына жарыялоону камсыз кылсын.

4. Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин Автомобиль жана темир жол транспорту башкармалыгынын башчысы А.Акматовго:

- расмий жарыяланган күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде ушул буйруктун көчүрмөсүн эки нускада, мамлекеттик жана расмий тилдерде, кагаз жана электрондук каражаттарында, жарыяланган булагы жөнүндө маалыматты көрсөтүү менен Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн;
- ушул буйрук күчүнө кирген күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына маалымат үчүн жөнөтүлсүн.

5. Бул буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

6. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министринин автомобиль транспорту тармагын тейлөөчү орун басарына жүктөлсүн.

Министрдин биринчи орун басары **Н.Б.КАЙЫНБАЕВ**

Бишкек шаары, 2022-жылдын 11-ноябры, №400

Эскертүү: *жогорудагы буйрук менен бекитилген Кыргыз Республикасынын территориясында санариптик тахографтар системасында ачкычтарды, сертификаттарды жана жабдууларды башкаруу боюнча жобо менен КР Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин веб-сайтынан тааныша аласыздар.*

ПРИКАЗ

МИНИСТЕРСТВА ТРАНСПОРТА И КОММУНИКАЦИЙ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

В соответствии с Законом Кыргызской Республики «О присоединении Кыргызской Республики к Европейскому соглашению, касающемуся работы экипажей транспортных средств, производящих международные автомобильные перевозки от 1 июля 1970 года г. Женева, (далее – Соглашение ЕСТР), со статьей 7 Закона Кыргызской Республики «Об автомобильном транспорте» и в целях выполнения требования Соглашения ЕСТР, а также руководствуясь постановлением Правительства Кыргызской Республики от 15 сентября 2014 года №530 «О делегировании отдельных нормотворческих полномочий Правительства Кыргызской Республики ряду государственных органов исполнительной власти», **приказываю:**

1. Утвердить Положение по управлению ключами, сертификатами и оборудованием в системе цифровых тахографов на территории Кыргызской Республики, согласно приложению.

2. Департаменту наземного транспорта при Министерстве транспорта и коммуникаций Кыргызской Республики довести Положение по управлению ключами, сертификатами и оборудованием в системе цифровых тахографов на территории Кыргызской Республики до сведения заинтересованных лиц.

3. Пресс-секретарю Досумбетову К.Р. обеспечить опубликование настоящего приказа в газете «Эркин-Тоо», на официальном веб-сайте Кабинета Министров Кыргызской Республики, а также на веб-сайте Министерства транспорта и коммуникаций Кыргызской Республики в течение трех рабочих дней со дня его регистрации.

4. Начальнику управления автомобильного и железнодорожного транспорта Министерства транспорта и коммуникаций Кыргызской Республики Акматову А.Т.:

- в течение трех рабочих дней со дня официального опубликования, направить копии настоящего Приказа в двух экземплярах, на государственном и официальном языках, на бумажном и электронном носителях, с указанием информации об источнике его опубликования, в Министерство юстиции Кыргызской Республики для включения в Государственный реестр нормативных правовых актов Кыргызской Республики;
- в течение трех рабочих дней со дня вступления настоящего Приказа в силу направить его в Администрацию Президента Кыргызской Республики для информации.

5. Настоящий приказ вступает в силу со дня официального опубликования.

6. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на заместителя министра транспорта и коммуникаций Кыргызской Республики, курирующего сферу автомобильного транспорта.

Первый заместитель министра **Н.Б.КАЙЫНБАЕВ**

г.Бишкек, 11 ноября 2022 года, №400

Примечание: *Положением по управлению ключами, сертификатами и оборудованием в системе цифровых тахографов на территории Кыргызской Республики, утвержденным вышеуказанным приказом, можете ознакомиться на веб-сайте Министерства транспорта и коммуникаций КР.*

С/О-510

Итоги проведения внеочередного общего собрания акционеров

ОАО «ГОСУДАРСТВЕННАЯ ИПОТЕЧНАЯ КОМПАНИЯ»

Дата проведения собрания: **11 ноября 2022 года.**
Место проведения: **г. Бишкек, ул. Московская, 151**
Кворум собрания: **100%**

ОАО «Государственная Ипотечная Компания» сообщает о существенном факте,

11 ноября в 15.00 часов состоялось Внеочередное общее собрание акционеров по адресу: г. Бишкек, ул. Московская, 151.

Принято решение: Возложить функции счетной комиссии на представителя независимого реестродержателя ОсОО «Реестродержатель Медина» Волыгину Елену Николаевну.
За – 100%

Принято решение: Увеличить уставной капитал ОАО «ГИК» на сумму 1 000 000 000 (один миллиард) сомов;
За – 100%

Принято решение: утвердить внесение изменений и дополнений в Устав ОАО «ГИК
За – 100%

С/О-511

ОАО «ДОС-КРЕДОБАНК» ААК

ПРОГРАММАЛЫК-АППАРАТТЫК КОМПЛЕКСТИ САТЫП АЛУУ БОЮНЧА ТЕНДЕР ЖАРЫЯЛАЙТ.

Шарттары камтылган конвертти алуу үчүн жеткиргүчүнүн фирмасынан алуучуга ишеним кат менен келүү керек, **Чүй проспектиси, 92** дареги боюнча, Борбордук филиалдын кабылдамасы, байланышуу телефону **+ 996 (220) 24-83-47.**

Сунуштар менен документтердин пакетин берүүнүн акыркы мөөнөтү **2022-жылдын 13-декабры саат 17.00.** Жеткирип берүүчүдөн конверт каалаган формада коштомо кат (эки нускада) менен келиши керек. Конвертке "ТЕНДЕРДИК ДОКУМЕНТТЕР, АЧЫЛБАСЫН" деген чоң тамгалар менен кол коюлушу керек.

ОАО «ДОС-КРЕДОБАНК»

ОБЪЯВЛЯЕТ ТЕНДЕР НА ЗАКУПКУ ПРОГРАММНО-АППАРАТНОГО КОМПЛЕКСА.

Для получения конверта с условиями и требованиями необходимо подойти с доверенностью от компании поставщика на получающее лицо, по адресу: **пр. Чуй, 92,** приемная Центрального филиала, сторона пр. Чуй. Контактный номер: **+996 (220) 24-83-47.**

Последний срок подачи пакета документов с предложениями до **17.00 ч. 13.12.2022 г.** Конверт от поставщика должен идти с сопроводительным письмом (в двух экземплярах) в произвольной форме. На конверте должно быть подписано крупным шрифтом "ДОКУМЕНТЫ НА ТЕНДЕР, НЕ ВСКРЫВАТЬ".

С/О-514

Подразделение службы судебных исполнителей Жайылского района

ОБЪЯВЛЯЕТ ПЕРВИЧНЫЙ ОТКРЫТЫЙ АУКЦИОН на заложенное недвижимое имущество

- жилой дом, идентификационный код 7-03-13-0002-0088, общей полезной площадью - 50,5 кв.м., жилой площадью - 39,8 кв.м., с надворными постройками на земельном участке мерою - 730,0 кв.м., расположенный по адресу: Чуйская область, Жайылский район, г.Кара-Балта, ул.Спортивная, д.23 (ранее 15) принадлежащего Сулейманову Бекзоду Аджимуратовичу, со стартовой ценой 1 250 000 с.

Торг состоится **27.12.2022 г. в 11.00 ч.** по вышеуказанному адресу.

Для участия в торгах необходимо внести **5%** гарантийного взноса на лицевой счет **№44030662100000207** ПССИ Жайылского района.

Участник выигравший открытого аукциона, должен в течение 7 дней внести на лицевой счет ПССИ Жайылского района покупную цену за вычетом суммы гарантийного взноса.

По всем вопросам обращаться в ПССИ Жайылского района, каб.№15, судебному исполнителю Дуйшенкуловой Г.К., тел.: (03133) 3-70-08.

С/О-513

ЖОГОЛДУ
УТЕРЯ

Баткен районунун Самаркандек айылынын Жайылма №14 көчөсүнүн тургуну Маматкулов Мамашакир Идирисовичтин 10.09.2020-жылы Ч №928662 мамлекеттик актысы 16-17-сентябрь кыргыз-тажик кагылышуусунда күйүп кеткендигине байланыштуу жараксыз деп табылсын.

П/П-198

Баткен районунун Самаркандек айылынын Жайылма көчөсүнүн тургуну Узбеков Кубанычбек Бакибековичтин 07.05.2019-жылы Ч №837479 мамлекеттик актысы 16-17-сентябрь кыргыз-тажик кагылышуусунда күйүп кеткендигине байланыштуу жараксыз деп табылсын.

П/П-196

Өзгөн районунун Кызыл-Октябрь айыл өкмөтүнүн Кочкор-Ата айылынын тургуну Кашанов Токторго таандык жер үлүшүнүн күбөлүгү №05116, иден. код 5-06-12-0015-2693 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

П/П-235

Отчет

ОАО «МФК «АБН»

о выплате дохода по облигациям третьего выпуска (рег. №KG 0203211519 от 25.10.2021 г.) за четвертый процентный период, дата выплаты с 5 ноября 2022 г.

Общее количество владельцев облигаций (физ. и юр. лица)	58
Общая сумма начисленных доходов (сом)	1 200 000,00
Общее количество владельцев облигаций, получивших доходы (физ. и юр. лица)	50
Сумма выплаченных доходов, в сомах	1 157 280,00
Сумма не выплаченных доходов, в сомах	42 720,00
Количество владельцев облигаций, по которым не выплачены доходы (физ. лица)	8
Количество облигаций, по которым не выплачены доходы (экз.)	1068
Причина невыплаты	не востребованы инвестором*

* Причина невыплаты и предполагаемая дата выплаты: На дату предоставления отчета проценты не востребованы инвесторами. Выплата процентов будет производиться по мере их явки в ОАО "МФК "АБН", предполагаемая дата выплаты: с даты востребования.

Н-23

ОсОО «ISEO»

ОБЪЯЛЯЕТ ТЕНДЕР НА ЗАКУПКУ КРС, НЕТЕЛИ 2,5-3 года и бычки от года и выше.

Н-22

В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации ИП Шамшиева Сардалбу Абдирахмановна код ОКПО 27568585, ИНН 11007196500188 считать недействительным.

Н-17

В связи с утерей свидетельства о праве частной собственности на земельный участок (доли) №0090989 на имя Кулболдиева Эркимбека Коккозовича считать недействительным.

Н-16

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА АГЕНТСТВО РАЗВИТИЯ И ИНВЕСТИРОВАНИЯ СООБЩЕСТВ (АРИС)

ПРОЕКТ «ДОПОЛНИТЕЛЬНОЕ ФИНАНСИРОВАНИЕ В РАМКАХ ТРЕТЬЕГО ПРОЕКТА СЕЛЬСКИХ ИНВЕСТИЦИЙ (ПО РЕАГИРОВАНИЮ НА COVID-19)» (ДФ ПСИ-3)

I. Агентство развития и инвестирования сообществ (АРИС), Проект «Дополнительное финансирование в рамках Третьего проекта сельских инвестиций (по реагированию на COVID-19» (ДФ ПСИ-3) настоящим приглашает квалифицированных лиц принять участие в конкурсе на следующие позиции:

Эксперт по поддержке технологий общин (ЭПТО) Ат-Башынского района, Ак-Талинского района и Нарынского района Нарынской области, всего 3 (три) позиции.

Кандидат должен соответствовать следующим критериям и квалификационным требованиям:

- Высшее образование;
- Опыт работы по подготовке аналитических и других отчётов;
- Опыт работы проведения обучающих тренингов, консультаций, в том числе с использованием дистанционных методов обучения;
- Опыт работы с сельскими сообществами, связанной с мобилизацией сообществ, проведение мониторинга и оценки, для планирования и реализации приоритетных задач;
- Опыт работы в неправительственных, общественных организациях и международных проектах;
- Опыт работы с органами местного самоуправления и некоммерческими организациями, знание финансовых процедур и процедур закупок международных организаций, является преимуществом;
- знания по правовые и институциональные базы местного самоуправления;
- знания и навыки работы с мессенджерами и социальными сетями (формирование групп, списков рассылки в Twitter, WhatsApp, Facebook и других, и распространение информации с их использованием и др.);
- знание и навыки работы с программами для организации онлайн консультаций и обучений (видео конференций, сдачи тестов и других);
- знание и навыки проведения онлайн голосования на различных онлайн платформах;
- Свободное владение кыргызским и русским языками (письменно и устно);
- Хорошее знание пакета программ Microsoft Office, Internet, Zoom и др:
- АРИС будет уделять приоритетное внимание выбору кандидатов женщин.

II. Отбор консультанта будет осуществляться в соответствии с процедурами, установленными в «Руководство по Регулированию Закупками Всемирного Банка для Заемщиков ФИП (июль 2016, пересмотрено в ноябре 2017г. и августе 2018г.».

III. Заинтересованные кандидаты должны зарегистрироваться/авторизоваться в качестве Кандидата на вакансию, на сайте АРИС **www.aris.kg** и подать заявку на участие в данном отборе (резюме на русском и английском языках, с указанием номера контактного телефона и позиции) до **18.00 часов 28 ноября 2022 года.**

IV. Документы, представленные позже указанного срока, не будут рассмотрены. На собеседование будут приглашены только квалифицированные кандидаты.

С/О-515

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ

«Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы «Талас областтык башкармалыгынын административдик имаратына контролдук кирүү/чыгуу шлюзунун имаратын тургузуу» объекти боюнча курулуш-монтаждоо жумуштарын аткарууну сатып алуу боюнча АЧЫК РЕСПУБЛИКАЛЫК СЫНАК ӨТКӨРӨТ.

Сынак боюнча документтер **2022-жылдын 9-декабрында саат 17.00гө** чейин сынак документтерин кабыл алуу-өткөрүп берүү актысынын негизинде **tender@nbkr.kg** электрондук почтасы аркылуу берилет.

Сынакка чейинки конференция **2022-жылдын 1-декабрында саат 15.00дө** видеоконференция байланышы режиминде өтөт. Конференцияга катышуу маселеси боюнча техникалык координаторго кайрылуу зарыл.

Сынак боюнча сунуштар **2022-жылдын 14-декабрында саат 14.00гө чейин Бишкек шаары, Чүй проспекти, 168** дареги боюнча кабыл алынат.

Белгиленген убакыттан кийин тапшырылган сунуштар кабыл алынбайт жана каралбайт. Кароого Улуттук банктан кабыл алуу-өткөрүп берүү актысынын негизинде сынак документтерин алган катышуучулардын сунуштары кабыл алынат.

Сынак боюнча сунуштар катышуучулардын өкүлдөрүнүн катышуусунда **2022-жылдын 14-декабрында саат 14.00дө Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101** дареги боюнча каралат.

Бардык уюштуруу маселелери боюнча +**996 (312) 66-91-52** телефон номери же **tender@nbkr.kg** электрондук почтасы аркылуу техникалык координаторго кайрылсаңыздар болот.

Информация о существенном факте, затрагивающем финансово-хозяйственную деятельность

ОАО «АЙЫЛ БАНК»

Итоги проведения внеочередного Общего собрания акционеров ОАО «Айыл Банк»

Дата проведения собрания: **14 ноября 2022 года**
Место проведения: **г. Бишкек, ул. Логвиненко, 14**
Форма проведения собрания: **очная форма**
Кворум собрания: **100%**

СОБРАНИЕМ ПРИНЯТЫ СЛЕДУЮЩИЕ РЕШЕНИЯ:

1. Возложить функции счётной комиссии на представителя независимого реестродержателя ОсОО «Registrum» («Региструм») Молтоеву Зарину Эркебаевну.
2. Перечислить в республиканский бюджет денежные средства в размере 350 000 000 (триста пятьдесят миллионов) сомов в счёт выплаты будущих дивидендов, причитающихся на государственный пакет акций.
3. Во исполнение п.5 Распоряжения Кабинета Министров КР № 534-р от 06.10.2022г., приобрести государственные ценные бумаги на сумму 26 000 000 (двадцать шесть миллионов) долларов США в установленном порядке за счёт собственных средств ОАО «Айыл Банк».

С/О-521

Подразделения службы судебных исполнителей Иссык-Атинского района Чуйской области

ОБЪЯВЛЯЕТ ПУБЛИЧНЫЕ ТОРГИ
на заложенное недвижимое имущество:

кошара и чабанский дом (земля и строение), кошара - общая площадь 360 кв.м. жилой дом - общая площадь - 40,38 кв.м., жилая площадь - 20,29 кв.м. расположенный на земельном участке - 840 кв.м. находящийся по адресу: Иссык-Атинский район, Иссык-Атинский а/о, урочище «Боксо», контур №213, принадлежащий на праве собственности Омурбекову Дуйшеку, на основании Договора купли-продажи за №2019-03278295 от 06.03.2019 года, государственного акта о праве частной собственности на земельный участок ЧН№891800 от 20.11.2019 года, ИКЕНИ: 7-04-08-0035-0011, 7-04-08-0035-0031, с начальной стартовой стоимостью 1 280 059 (один миллион двести восемьдесят тысячи пятьдесят девять) сом.

Торги состоятся по адресу: **г. Кант, ул.Ленина, 97, каб. №9.**

Согласно статьи 82, 83, 84 Закона Кыргызской Республики «О статусе судебных исполнителей и об исполнительном производстве» для участия в торгах необходимо внести **5%** от начальной стоимости на депозитный счёт ПССИ Иссык-Атинского района **№4403022100000170**, код платежа **14511900**, ИНН **00303199910207**, до начала торгов подать заявку в ПССИ Иссык-Атинского района.

Прием заявок на участие в аукционе заканчивается за один день до начала аукциона. Торги состоятся **27 декабря 2022 года в 14.00 часов** в ПССИ Иссык-Атинского района Чуйской области по адресу: **г. Кант, ул. Ленина, 97, каб №7.**

Задаток, внесенный лицом, выигравшим аукцион, зачисляется в счет покупной цены. Остальным участникам торгов внесенные ими задатки возвращаются в течение трёх рабочих дней после окончания торгов.

Организатор торгов старший судебный исполнитель Чалбаев Азамат Чыранович, тел. для справок: (0507) 30-50-05, (0555) 10-75-63.

С/О-517

АЛАМУДУНСКИЙ АЙЫЛ ОКМОТУ

ОБЪЯВЛЯЕТ ОТКРЫТЫЙ КОНКУРС
по предоставлению земельного участка во временное пользование и в частную собственность.

1. S=0,0080 га расположенного по адресу: с.Аламудун, ул.Гидростроителей б/н.

Торги состоятся по адресу: **с.Аламудун, ул.Набережная, №300а** в здании Аламудунского айыл окмоту **15.12.2022 г. в 10.00 часов.**

С/О-516

ЖАРЫЯ!

АРКЫТ ТОКОЙ ЧАРБАСЫНЫН

Кызыл-Туу токойчулугунун айланасындагы жаңгактуу токойдон жана туризмди өнүктүрүү максатында КР өкмөтүнүн 10-апрель 2018-жылдагы чыккан №192 токтомунун негизинде төмөнкү участкаларды ижарага берүү үчүн жарыя беребиз.

Аркыт токой чарбасынын Кызыл-Туу токойчулугунун Кв 20 выд. 10; кв 5 выд. 31; Кв 9 выд. 6.7; Кв 25 выд. 30,12; Кв 4 выд. 12; Кв 16 выд. 4,6; Кв 7 выд. 25; Кв 8 выд. 15; Кв 17 выд. 1,2 Кв 24 выд. 1, 2, 3; кв 19 выд. 9; Жалпы аянты 27,44 га.

Туризм тармагы боюнча кв 9 выд 12; кв 4 выд. 28; кв 9 выд. 26; кв 9,выд. 27; кв 8 выд. 17, 18; кв 9 выд. 19; кв 9 выд. 27; кв 4 выд. 28; кв 9 выд. 27; кв 4 выд. 42, 15, 44; 13, 38, 27, 11; кв 15 выд. 2; кв 22 выд. 40; жалпы аянты 14,2 га жер аянты конкурска коюлуп арендага берилет;

Кара-Суу токой бөлүмү туризм тармагы боюнча кв 10 выд. 30, 31, 32, 9; кв выд. 26, кв 15 выд. 25; кв 36 выд. 2; кв 11 выд. 1; кв 9.

Түрдук токойчулугу Кв 66 выд. 6; кв 65 выд. 15; кв 63 выд. 14; кв 60 выд. 11; кв 59 выд. 6; кв 58 выд 14; жалпы аянты 196,2 га.

Туризм тармагы боюнча кв 55 выд. 12; кв 10 выд. 15; жалпы аянты 0,40 га жер чөп чабынды кв 33 выд. 26; кв 40 выд. жалпы аянты 5,15 га жер конкурска коюлуп арендага берилет.

Сынакка каалоочу жарандардын баарысы катышууга укуктуу. Сынак жарыя Гезит бетине чыккандан кийин өткөрүлөт. Бул жерлер туризм багытын өнүктүрүү максатында конкурска коюлат жана сынактын программалары жазылып конвертке салынып, Аркыт токой чарбасынын сынакты уюштуруу катчысына тапшырылышы керек. Конвертке сынактык программадан сырткары катышуучунун паспортунун көчүрмөсү салынат.

Тел.: (0773) 18-09-30, (0705) 14-19-65.

С/О-520

ЖОГОЛДУ
УТЕРЯ

В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации ИП Абдыралиева Чолпон Актанбековна код ОКПО 31528806, ИНН 10202200001525 считать недействительным.

Н-18

Чекиев Түгөйбек Узакбаевичке таандык Сузак районунун Багыш айыл өкмөтүнө караштуу Кызыл-Туу айылындагы жер тилкесинин (тигүү фабрикасы) жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндө мамлекеттик акт (сериясы ЧН№114968, идентификациялык коду 3-05-09-1006-0098, 3-05-09-1006-0294) жана техникалык паспорту жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Д-48

В связи с утерей гос. акта о праве частной собственности на земельный участок Ч №152683 (от 12.06.2008 г.) на имя Еркебаева Урматбека Амановича считать недействительным.

Н-24

Ноокат районундагы Исанов айыл өктөмүнүн Жаңы-Базар айылынын тургуну ЖИ Тажиев Жамшит Жаанбаевичке тиешелүү ишкердик күбөлүгү ОКПО 28489675, ИНН 22606196700470 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

П/П-322

В связи с утерей свидетельства о праве частной собственности на земельную долю №0105950 (от 16.07.2018 г.) на имя Турдиевой Масылкан Исаевны считать недействительным.

Р.Ж.

Абдыраимов Сабыржан Каримжановичке тиешелүү мам. акт №0026150 (06.01.04-ж.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Н-25

БИЛДИРҮҮ

«КАНТ ЦЕМЕНТ ЗАВОДУ» АЧЫК АКЦИОНЕРДИК КООМУ

2022-жылдын 6-декабрында саат 14.00дө Кант шаары, Чыгыш өнөр жай аймагындагы, "КЦЗ" ААК саат 13.00дөн саат 14.00гө чейин катышуучуларды каттоо менен ачыла турган акционерлердин кезексиз жалпы чогулушун өткөрө тургандыгы жөнүндө кабарлайт.

КҮН ТАРТИБИ:

1. Акционерлердин добуштарын саноо үчүн эсептөө комиссиясынын курамын шайлоо жөнүндө.
2. Ири бүтүм жасоо туурасында.

Чогулушка катышууга укугу бар акционерлердин тизмесин түзүү күнү - **2022-жылдын 5-декабры.**

Чогулушка даярдык көрүү жана өткөрүү боюнча акционерлерге сунушталган материалдары менен жумушчу күндөрү "КЦЗ" ААКнын юридикалык бөлүмүнөн таанышууга болот.

Сурап-билүү телефондору: (03132) 5-78-46.

Эскертүү: *Акционерлердин өзүлөрүндө паспорту, ал эми акционерлердин өкүлдөрүндө-паспорту жана ишеним каты болууга тийиш.*

Добуш берүүчү акциялардын ээлери- акционерлер "Акционердик коомдор жөнүндөгү" Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 69-71-беренелеринде каралган учурларда жана тартипте өз акцияларын коом тарабынан кайра сатып алууну талап кылууга укуктуу. Акцияларды кайра сатып алууга баа берүүнү талап кылуу укугунун пайда болушуна алып келген чечим кабыл алынган күндон мурунку алты ай үчүн коомдун акцияларын орточо бааланып алынган сатып алуу баасынан төмөн эмес болушу керек.

ИЗВЕЩЕНИЕ

ОТКРЫТОЕ АКЦИОНЕРНОЕ ОБЩЕСТВО «КАНТСКИЙ ЦЕМЕНТНЫЙ ЗАВОД»

извещает о проведении внеочередного общего собрания акционеров, которое откроется 6 декабря 2022 года в 14.00 ч. по адресу: г. Кант, Восточная промзона, ОАО «КЦЗ», с регистрацией его участников с 13.00 ч. до 14.00 ч.

ПОВЕСТКА ДНЯ:

1. Об избрании счетной комиссии для подсчета голосов акционеров;
2. О совершении крупной сделки.

Дата составления списка акционеров, имеющих право на участие в собрании: **5 декабря 2022 года**

С материалами, подлежащими представлению акционерам при подготовке к проведению собрания, можно ознакомиться в юридическом отделе ОАО «КЦЗ» в рабочие дни.

Телефон для справок: (03132) 5-78-46.

Примечание: *акционерам необходимо иметь при себе паспорт, а представителям акционеров – паспорт и доверенность.*

Акционеры - владельцы голосующих акций вправе требовать выкупа обществом принадлежащих им акций в случаях и в порядке, предусмотренных статьями 69 - 71 Закона КР «Об акционерных обществах», по цене не ниже средневзвешенной цены приобретения акций общества за последние шесть месяцев, предшествующих дате принятия общим собранием решения, повлекшего возникновение права требования оценки и выкупа акций.

С/О-512

Вниманию членов Общественного Объединения Садоводов «ПРИБОРИСТ»!

27.11.2022 года состоится Общее собрание членов ООС «ПРИБОРИСТ»!

Место проведения: **г. Бишкек, ул.Байтик Батыра, 36. Актовый зал ТНК «Дастан», 4-й этаж.**

ПОВЕСТКА ДНЯ:

1. Отчет Правления.
2. Выборы членов Правления.
3. Выборы членов ревизионной комиссии.
4. Разное.

Регистрация: **с 10.00 ч. до 11.45 ч.** Начало собрания в **12.00 ч.** При себе иметь паспорт, членскую книжку (с указанием личности, соответственно паспорту). Или иметь нотариально-заверенную доверенность от хозяина. Подсчет голосов будет происходить по системе один участок -один голос. Вход на собрание контролирует внутренняя служба безопасности завода, при наличии указанных документов.

Правление ООС «ПРИБОРИСТ»

Н-14

ДЕПАРТАМЕНТ РЫБНОГО ХОЗЯЙСТВА МСХКР (ОРГАНИЗАТОР)

ОБЪЯВЛЯЕТ О ПРОВЕДЕНИИ КОНКУРСА

на право заключения договора о предоставлении в пользование водоемов, а также установки садков для осуществления рыбоводства, рыболовства и рыборазведения в водоемах Кыргызской Республики.

Юридические и физические лица, желающие принять участие в конкурсе могут подать заявку Организатору конкурса по адресу: **720001, Кыргызская Республика, г. Бишкек, ул. Киевская, 96-а., 6 этаж, 605 каб., телефон: 66-02-21, факс: 66-28-10.**

1. Срок подачи конкурсных заявок до **14 декабря 2022 года.**
2. Дата заседания конкурсной комиссии по оценке конкурсных заявок состоится **15 декабря 2022 года в 10.00 часов** по адресу: **г.Бишкек, ул.Киевская, 96-а, 6 этаж, каб. №621.**

№ п/п	Лот №	Местонахождение водоемов		
Чуйская область				
		Панфиловский район		
1	452	Водохранилище "Пучук 1"	Рыб.хозяйственный	60 га
		город Токмок		
2	154	Пруд Токмок-2	Рыб.хозяйственный	12 га
Иссык-Кульская область				
		Тонский район		
3	654	Озеро "Кош Кара-Кол"		1,2 га

№п/п	Требование конкурсных документов
1.	Заполненная форма конкурсной заявки (имеется/не имеется)
2.	Копию документа, удостоверяющая личность (паспорт)
3.	Копия Устава юридического лица*
4.	Копия свидетельства о государственной регистрации юридического лица*
5.	Наличие справки с налоговой службы*
6.	Наличие справки Соцфонда*
7.	Сведения о квалификации
8.	Наличие Гарантийного обеспечения конкурсной заявки (Бизнес план)
9.	Доверенность на право подписания конкурсной документации
10.	Другие документы и требования

С/О-507

«ДОС-КРЕДОБАНК» АЧЫК АКЦИОНЕРДИК КООМУ

2022-жылдын 8-декабрында саат 14.00дө акционерлердин жалпы чогулушун өткөрүү жөнүндө акционерлерге маалымдайт. Дареги: Бишкек ш., Чүй пр., 92, 6-кабат.

КҮН ТАРТИБИНЕ ТӨМӨНДӨГҮДӨЙ МАСЕЛЕЛЕР КИРГИЗИЛДИ:

1. Эсептөө комиссиясынын курамын бекитүү;
2. 2021-жылдын жыйынтыгы боюнча, акционерлердин дивиденддеринин өлчөмүн төлөп берүү тартибин бекитүү;
3. АКК «Дос-Кредобанк» Корпоративдик кодекстин башкармалыгын бекитүү.

Чогулушка катышууга укугу бар акционерлердин тизмесин түзүү күнү **– 2022-жылдын 8-ноябры.**

Эгерде акционер акционерлердин Чогулушуна катышууга мүмкүнчүлүгү болбой калса, өзүнүн добушун ыйгарым укуктуу өкүлүнө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык тузүлгөн ишеним кат боюнча бере алат.

Акционерлерге паспорту, алардын өкүлдөрүндө паспорт жана ишеним кат болушу тийиш.

Акционерлерди жана алардын өкүлдөрүн каттоо **2022-жылдан 8-декабрында саат 13.00дө** башталып **2022-жылдын 8-декабрында саат 14.00дө** аяктайт.

Чогулуштун материалдары менен жумушчу күндөрү «Дос-Кредобанк» ААКнын Корпоративдик катчысынан таанышууга болот. Дареги: **Бишкек ш., Чүй пр., 6-кабат (ГУМ Чынар).**

Сурап-билүү телефону: (0777) 90-37-00.

«ОТКРЫТОЕ АКЦИОНЕРНОЕ ОБЩЕСТВО «ДОС-КРЕДОБАНК»

уведомляет Вас о проведении внеочередного Общего собрания акционеров, которое состоится 8 декабря 2022 года в 14.00 ч. по адресу: г. Бишкек, пр. Чуй, 92, 6 этаж.

В ПОВЕСТКУ ДНЯ ВКЛЮЧЕНЫ СЛЕДУЮЩИЕ ВОПРОСЫ:

1. Утверждение состава Счетной комиссии
2. Утверждение размера и порядка выплаты дивидендов по итогам 2021 года
3. Утверждение Кодекса корпоративного управления ОАО «Дос-Кредобанк»

Дата составления списка акционеров, имеющих право на участие в собрании – **8 ноября 2022 года.**

В случае невозможности участия в Собрании акционеры могут передать право голоса уполномоченному представителю по доверенности, оформленной в соответствии с требованиями законодательства Кыргызской Республики.

Акционерам необходимо иметь при себе паспорт, их представителям – паспорт и доверенность.

Начало регистрации акционеров и их представителей – **8 декабря 2022 г. в 13.00 часов**, окончание – **8 декабря 2022 г. в 14.00 часов.**

С материалами Собрания можно ознакомиться у Корпоративного секретаря ОАО «Дос-Кредобанк» в рабочие дни по адресу: **г. Бишкек, пр., Чуй, 92, 6 эт. (ГУМ Чынар).**

Телефон для справок: (0777) 90-37-00.

С/О-514

МАЕВСКИЙ АЙЫЛ ОКМОТУ

ОБЪЯВЛЯЕТ АУКЦИОН (ТОРГИ)

по предоставлению в аренду с сроком на 5 лет земельного участка под пункт предпродажной подготовки автомобилей (без капитального строения), расположенного в с.Маевка ул.Молодая Гвардия на против дома №145.

Стартовая стоимость 12 000 сом.

Шаг аукциона и гарантийный взнос **5%** от стартовой стоимости. Дата проведения аукциона (торги) **19.12.2022 г. в 15.00 ч.** Конкурс состоится в здании Маевского айыл окмоту.

По всем вопросам обращаться в Маевский айыл окмоту с.Маевка тел.: (0312) 39-56-57.

Н-21

ОсОО «ИХСАН-ОРИКС»

сообщает о том, что 1 декабря 2022 года состоится собрание Совета директоров.

Повестка дня собрания Совета директоров:

1. Рассмотрение вопроса деятельности Общества за 2022 год.
2. Рассмотрение бюджета на 2023 год.

Н-20

Кадамжай районунун А.Масалиев айыл өкмөтүнүн Кара-Дөбө айылынын тургуну Нурахмедов Улукбек Абосовичке тиешелүү 8-02-09-1005-0670 идентификациялык коду менен катталган турак жайынын жер участогуна берилген сер. Ч №672154 мамлекеттик актысы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз дел табылсын.

П/П-054

Эркин-Тоо
Гезит ээси: КР Министрлер Кабинети

Биздин реквизиттер: р/с №1280010019784103 БИК 128001 ОКПО 20108596 ИНН. 00107199210141 ЗАО Кыргызский-Инвестиционно-Кредитный Банк (КИКБ)

Башкы редактор
АСАНБАЕВ Наралы Камбаралиевич

Кабылдама 62-38-75

Башкы редактордун 1-орун басары
КАЛЫКОВ Шекербек – 62-38-77

Башкы редактордун орун басары
ДЫЙКАНОВА Жылдыз – 62-38-78

Коммерциялык директор
САТЫКУЛОВ Орункул – 62-19-06 факс
Уюлдук тел.: (0705) 11-75-87
(0773) 11-75-87

Жооптуу катчы
КУЛАТАЕВА Бактыгүл - 62-38-71

Бөлүмдөр:

Саясат, укук жана экономика бөлүмү – 66-22-27

Маданият, адабият жана спорт бөлүмү – 62-38-71

Веб-сайт – 62-18-64

Коммерциялык бөлүм – 62-18-66

"Нормативдик актылар" журналы – 62-38-71

Башкы эсепчи – 62-38-73

Компьютердик борбор – 62-38-74

Жарнамалар кыргыз, орус, англис тилдеринде берилет.

Жарнамалардын мазмунуна редакция жоп бербейт.
Мыйзамдар бир эле мезгилде кыргыз жана орус тилдеринде "Эркин-Тоо" гезитинде жарыяланып, ал расмий жарыялоо болуп эсептелет.
Автордун көз карашы редакциянын позициясын билдирбейт.

Биздин дарегибиз:
Бишкек шаары, 720040, Абдумомунов көчөсү, 193.

erkintoo@mail.gov.kg

● Юстиция министрлигинен берилген катталуу күбөлүгү №592

Жумасына эки ирет: шейшемби, жума күндөрү чыгат.

Индекси: 68451

"Учкун" ААКнын басмаканасында басылды.
Буйрутма №1054. Нускасы 5281
Басууга 14.11.2022-ж. саат 20.00дө берилди
Сатык келишим баада

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

Ак таңдай акындын маараке

Коргол Досуев атындагы мамлекеттик адабият-музейдин жетекчиси Турсункан ДОСУЕВА:

“Атабыздын эки чемодан ырын өрттөп салган”

ТОКТОГУЛ РАЙОНУНДА АКЫНДАРДЫН АЙТЫШЫ

- Кыргыз Республикасынын маданият кызматкерлеринин күнүнө карата Токтогул райондук маданият үйүнүн алдында Коргол Досуевдин 140 жылдык маараке-сине арналган атайын иш-чара өттү. Ак таңдай акындын маараке-си менен бирге манасчы, семетейчи, төкмө акын Жаңыбай Кожек уулунун 150 жылдык маараке-си чогуу белгиленди. Токтогул районунун маданият үйүнүн артисттеринин аткаруусунда аталган маараке-ге арналган чакан концерт коюлду. Коргол атабыздын “Ак Бакай” аттуу ырынын негизинде журналист, жазуучу Качкынбай Керимбаев драма жазган. Аталган драмадан үзүндүлөр коюлду. Элдин алкоосуна татыган иш-чара өткөрдүк деп ойлойм. Быйыл Коргол-дун урпактары чогулуп, атабыздын 140 жылдыгына болгон аракетибизди жумшап, “Айтыш” коомдук фонду менен биргелешип, төкмөлөрдүн айтышын 11-ноябрда Токтогул районунда өткөрдүк.

“МУЗЕЙ БЕКМАМАТ ОСМОНОВДУН СУНУШУ МЕНЕН АЧЫЛГАН”

- Коргол Досуевдин музейи 1993-жылы 29-октябрда ачылган. Музей коомдук жана мамлекеттик ишмер, элдин чыгаан уулу Бекмамат Осмонов демилгелеп курулган. Бекмамат агабыз резина өтүк кийип келип, “ушул жерге кургула, жолдун бою экен, өткөн-кеткендер кайрылганга ыңгайлуу болот” деп музейдин ордун өзү көрсөткөн эле. Ошол кезде ар бир акындын, Жоомарт Бөкөнбаевдин, Токтогул Сатылгановдун туулган айылына музейлери курулуп калган болчу. Коргол атабыздын музейинин айланасы 2,5 гектар. Токтогулдун абдан кооз жеринде Таласты карай белди ашып кеткен илгерки жол бар. Музей ошол чоң жолдун боюнда курулган. Айылдан үч чакырым четте турат. Буюрса, музей жөнүндө такталар орнотулуп калса, туристтер кызыгып келе турган жер. Азыр деле Россиядан, Франциядан келген туристтер кайрылып кетишет.

“КОРГОЛ АТАМДЫН КОЛУНДА ЧОҢОЙДУМ”

- Мен Досуевдин небересимин. Коргол атабыздын биринчи байбичесинен үч перзенти болгон. Эң улуусу Ондош Корголов менин атам. Азыркы күндө үчөөнүн тең көзү өтүп кетти. Коргол-ду көргөн, уккан, жанында бирге жашаган акыркы муун менмин жана менден кийин бир сиңдим бар. Мен үчүнчү класска чейин Коргол атамын, кийинки чоң энем Бүйашанын колунда чоңойдум. Коргол атам көз алдымда күнү бүгүнкүдөй турат. Кичинекейиңде көргөн-билген нерсең өмүр бою эсиңде калат экен.

“ШАКИРТИ АЛТЫМЫШ МУНДУЗБАЕВДЕН КИЙИН ИЗИЛДӨӨЧҮЛӨР ЧЫГА ЭЛЕК”

- 1962-жылы чоң атам дүйнөдөн өткөндөн кийин, чоң энебиз 1982-жылга чейин биз менен жашады. Мен үй-бүлө күтүп, турмушту түшүнүп калган кезде, чоң энемен Коргол атам жөнүндө абдан көп окуяларды угуп, жадымда сактап калгам. Азыр аларды колуман келишинче жазып жүрөм. Ырчы, аткаруучу Канымжан Жаманбаева Коргол жөнүндө диссертация жактайм деп жүргөн. Андан бери изилдеген эч ким жок. Өзүмдү изилдөөчү деп эсептебейм, бирок, колуман келишинче эмнени уксам, тапсам чогултуп жатам. Төрт-беш жыл мурун чоң атамдын эки сүрөтүн таптым. Өзү жалгыз жана орус улутундагы адам менен түшүптүр. Москвалык музыка изилдөөчү Виктор Сергеевич Виноградов, композитор Александр Затаевичтер менен байланышта болгон. 1960-жылдары шакирти, комузчу Алтымыш Мундузбаев “китебиңизди чыгарталы” деп үйгө келип, жаз маалына чейин атамдын оозунан ырларын жазды. Жазга маал эки чемодан ыр көтөрүп кеткен. Укканыма караганда Алтымыш аба гастролго кетип, эки айдан кийин кайтып келсе жубайы “сен ушинтип гастролдоп жүрө бер, мен сенин ырларыңды өрттөп койдум” дейт. Күйүп кеткен шакирти “эми устатыма эмне деп жооп берем?” деп катуу кайгырып, үйүнөн чыгып кетет. 1963-жылы эсинде калган ырларын топтоп, жупкадай китеп чыгарат.

ТОКТОГУЛ АКЫНДЫ КОРГОЛДОЙ ЭЧ КИМ БИЛГЕН ЭМЕС

Токтогул атабыздын дээрлик мурастарын Коргол акын айтып берген. Топчубайдын өлгөнүн угузганда Коргол атабыз 20-21 жашта болгон, ошол күндөн өмүрүнүн акырына чейин кошуна айылда жашап, чогуу жүрүп, жанаша бастырып, бирге ырдаган. Токтогулдун чыгармачылыгын Корголдой эч ким билиши, эч ким калыбына келтирип бериши мүмкүн эмес болчу. Ошол эмгеги бааланып, Коргол атабыздын 75 жылдык тоюнда СССР Жогорку Советинин грамотасы менен сыйланган. Тилекке каршы ал документтер сакталып калган эмес. Атабыздын паспорту, байбичеси менен нике күбөлүгү да жок экен. Бир гана 1954-жылы Абды Сүйөркулов Кыргыз ССР Министрлер Кеңешинин төрагасы болуп турганда, Жазуучулар Союзунан Касымалы Жантөшөв билдирүү жазып өтүнөт: “ушу киши айылда жүрүп элге кызмат кылып жатат. Персоналдык пенсия чектеп берели” дейт. Абды Сүйөркуловдун жардамы менен 120 сом пенсия чектеп берген. Ошол пенсиялык күбөлүгүнүн гана көчүрмөсү калган. Бүгүнкү күндө элдин, чыгармачыл чөйрөнүн оозунда калган, айылдаштарынан, замандаштарынан чогулган материалдар менен гана музей түптөлүп, иштеп жатат.

Афина БАКИРОВА

ЖАНКЕЧТИ АЯЛ

Жекшембиде Түркиянын Стамбул шаарынын чок ортосунда жардыруудан алты адам каза болуп, 81 адам ар кандай жаракат алды.

Жардыруу туристтер жана жөө адамдар көп жүрүүчү Истиклял көчөсүндө орун алган. Түркия бийлиги жардырууну террордук акт деп таанырын жарыялады. Алдын ала божомолдор боюнча жардырууну уюштурган жанкечти аял болгон.

Аталган көчөдө мындан 7 жыл мурда дагы терракт жасалып, отуздан ашуун адам каза болгон.

КЕДЕЙЛЕРДИ КОЛДОГОН МЫЙЗАМ

Индиянын Жогорку соту колледждер менен мамлекеттик кызматтагы орундардын он пайызын кедейлерге калтыруу жөнүндө талашка түшкөн мыйзамды бекитти. Бул социалдык жактан алсыз деп эсептелген касталык топтор менен уруулар үчүн мурда бөлүнгөн 49,5 пайыз квотага жаңы толуктоо болуп калат. Эми жаңы мыйзам боюнча жогорку кастадан болсо да кедейлерге артыкчылык берилет.

Касталарга бөлүнүү Индия мамлекетине гана мүнөздүү көрүнүш. Башка өлкөлөрдө мындай жок. Конституция боюнча Индянын башкы калкы тең укуктуу болгон менен иш жүзүндө андай эмес.

ТҮРКИЯЛЫК ЭЛЕКТРУНААЛАР САТЫККА ЧЫГАТ

Түркия мамлекети TOGG аттуу ата мекендик жана улуттук электрунаасын өндүрүүнү баштады. Унаанын негиздөөчүсү – Мехмет Гүржан Каракаш. Түркия Өнөр жай жана технология министрлигинин маалыматы боюнча аталган унаа электр энергиясы менен кубаттандырылып, 40 градус суук, калың кар жана муз тоңгон шарттарда да эч тоскоолдуксуз жүрөт. Аталган унааны өндүрө турган ишкана Бурсанын Гемлик районунда жайгашкан. Баасы 43 миң доллардан 54 миң долларга чейин деп болжолдонгон электрунаа келерки жылдын март айында сатыкка чыгып калаары айтылды.

КУРГАКЧЫЛЫК КУУРАТТЫ

Египетте климаттын өзгөрүшү боюнча БУУнун конференциясы болуп өттү. Андагы Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюму тарабынан жасалган баяндама боюнча 2022-жылдын жайында аномалдуу ысыктан Европа аймагында 15 миң адам каза болгон. Алсак, Германияда ысыктан улам өнөкөт оорулардын күчөп кетишинен 4,5 миңге жакын, Испанияда 4 миң, Улуу Британияда 3,2 миң, Португалияда миңден ашуун адам каза болгон. Өлүмдүн мындай деңгээлдеги көрсөткүчү Ковид-19 пандемиясынан улам каза болгондорго салыштырмалуу 11 миңге көп катталгандыгынан кабар берет.

Үстүбүздөгү жылдын июль айы Европа мамлекеттеринин тургундары үчүн өтө ысык мезгилдердин бири болгон. Температуранын рекорддук көрсөткүчтөрү өзгөчө Франция, Португалия, Ирландия, Швеция жана Улуу Британияда катталган. Аномалдуу ысык аба ырайынан улам Испанияда катуу кургакчылык болуп, эгин талаалар күйүп кеткен. Ал эми франциялык дыйкандар кургакчылыктын кесепетинен мөмө-жемиштердин дээрлик 34 пайызынан куру калышкан.

КЫСКАРГАН КЫЗМАТКЕРЛЕР

БУУнун адам укуктары боюнча комитетинин башчысы Фолькер Түрк Твиттердин жаңы ээси Илон Маскка башкарууда адам укуктары негизги орунда турушу керектигин белгилеп, ачык кат жолдоду. Илон Маск Твиттерди сатып алгандан кийин компаниянын ар кайсы департаментинен 3700гө чукул кызматкер кыскартылган. Бул компаниянын дээрлик 50 пайызына жакын. Фолькер Түрк мындай кадам жакшылыкка алып барбайт деп эскертти.

БУУнун ачык сыны адаттан тыш көрүнүш. Эреже боюнча, кайсы бир маселе боюнча суроолор жаралган учурда БУУ ага түз, бирок коомчулукка ачыктабай кайрылат.

КЫТАЙДА КОРОНАВИРУС КҮЧ АЛДЫ

Шанхайдагы Disneyland сейил багына келген ар бир адам үч күн катары менен тапшырылган ПЦР тесттин терс жыйынтыгын алгандан кийин гана кете алат. Өткөн айдын аягында сейил бакта эс алгандардын арасынан коронавирустун 30 учуру катталгандан кийин Кытай бийлиги тарабынан оюн-зоок комплексинен чыгууга тыюу салынган.

АКЫРКЫ САПАРГА УЗАТЫЛДЫ

80-жылдардагы хит болгон ырлардын композитору, “Ласковый май” тобунун негиздөөчүсү Сергей Кузнецов узакка созулган оорудан улам 59 жашында каза болду. Ал көпчүлүк жактырып уккан ”Седая ночь”, “Розовый вечер”, “Белые розы” аттуу ырларды жараткан. Жакын санаалаштарынын айтуусу боюнча, ал акыркы бир топ жылдан бери топтун мурдагы продюсери Андрей Разин менен ырлардын укугу боюнча талашып-тартышып жүргөндүгүн айткан.

"Эркин-Тоо" пресс